КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН
КӨЗӨМӨЛ БОЮНЧА КОМИТЕТИНИН
ТОКТОМУНАН

КӨЧҮРМӨ

---

Бишкек ш. 2025-жылдын 06 - марты № 13/1

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын**
**Көзөмөл боюнча комитетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 19-мартындагы № 6/2 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети жөнүндө» жобонун 2.4-пунктуна таянуу менен, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин төмөнкү токтомдоруна өзгөртүүлөр киргизилсин (кошо тиркелет):

1) 2014-жылдын 26-декабрындагы №46/1 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык компаниялардын, микрокредиттик компаниялардын жана микрокредиттик агенттиктердин, кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөр жөнүндө»;

2) 2016-жылдын 9-июнундагы №24/1 «Микрофинансылык компаниялардын, микрокредиттик компаниялардын/микрокредиттик агенттиктердин жана кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө».

2. Токтом кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

Көзөмөл боюнча комитеттин катчысы Ж. Аралова

Кыргыз Республикасынын
Улуттук банкынын
Көзөмөл боюнча комитетинин
2025-жылдын «06» марты
№ 13/1
токтомуна карата тиркеме

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Көзөмөл боюнча комитетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөр

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2014-жылдын 26-декабрындагы № 46/1 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык компаниялардын, микрокредиттик компаниялардын жана микрокредиттик агенттиктердин, кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөр жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык компаниялардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн:

1-пунктy төмөнкү редакцияда берилсин:

«1. Бул усулдук көрсөтмөдө «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык компаниялардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жобого карата тиркемелердин төмөнкү бөлүктөрүн толтуруу тартиби боюнча түшүндүрмө берилет:

1) титулдук барак;

2) «Финансылык абалы тууралуу регулятивдик отчет» деп аталган 1-бөлүк;

3) «Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет» деп аталган 2-бөлүк;

4) «Капитал» деп аталган 3-бөлүк;

5) «Мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер, активдерди жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерди тобокелдик деңгээли боюнча классификациялоо жөнүндө маалымат» деп аталган 4-бөлүк;

6) «Депозиттер» деп аталган 5-бөлүк;

7) «Активдердин жана милдеттенмелердин кирешелүүлүк чендеринин өзгөрүүсүнө карата ийкемдүүлүгүн талдоо (ГЭП-анализ)» деп аталган 6-бөлүк;

8) «РППУдагы өзгөрүүлөр» деп аталган 7-бөлүк;

9) «Тобокелдиктер жөнүндө маалымат» деп аталган 8-бөлүк;

10) «Кызматчылар менен келишилген бүтүмдөр жөнүндө маалымат» деп аталган 9-бөлүк;

11) «Экономикалык ченемдердин сакталышы жөнүндө маалымат» деп аталган 10-бөлүк;

12) «Кардарларга берилген каржылоо жөнүндө маалымат» деп аталган 11-бөлүк;

13) «Чечмелеп көрсөтүү» деп аталган 12-бөлүк;

14) «Чет өлкө активдери жана милдеттенмелери боюнча отчет» деп аталган 13-бөлүк;

15) МФКнын директорлор кеңешинин, башкармасынын мүчөлөрү, негизги уюштуруучулары (акционерлери) жана Шариат кеңешинин мүчөлөрү жөнүндө маалыматтар;

16) Компаниянын айрым кызмат адамдары жөнүндө маалымат;

17) МФК жөнүндө негизги маалымат, филиалдар/өкүлчүлүктөр/түзүмдүк бөлүмдөр (офистер), туунду жана аффилирленген компаниялар, учурда иштеп жаткан комитеттер жөнүндө маалымат.

Бардык сумма миң сом түрүндө көрсөтүлүүгө тийиш (чет өлкө валютасындагы суммалар Улуттук банктын отчеттук күнгө карата расмий курсу боюнча сом эквивалентинде көрсөтүлөт).»;

- «III. МФКнын директорлор кеңешинин, башкармасынын, Шариат кеңешинин мүчөлөрү жана негизги уюштуруучулар (акционерлер) тууралуу маалымат» бөлүгү күчүн жоготкон катары таанылсын;

- «IV. Айрым кызмат адамдар тууралуу маалымат» бөлүгү күчүн жоготкон катары таанылсын;

- «V. Микрофинансылык компаниялар жөнүндө базалык маалымат» бөлүгү күчүн жоготкон катары таанылсын;

13-пункттун:

- үчүнчү абзацындагы «Башка банктардагы жана финансылык уюмдардагы эсептешүү эсептери жана башка эсептер» деген сөздөр «Башка банктардагы жана ФКУдагы эсептешүү эсептери» дегенге алмаштырылсын;

- төртүнчү абзацындагы «Башка банктардагы жана финансылык уюмдардагы эсептер» деген сөздөр «Башка банктардагы жана ФКУдагы депозиттер» дегенге алмаштырылсын;

14-пункттун:

- онунчу абзацындагы «юридикалык жактар» деген сөздөр «жеке адамдар» дегенге алмаштырылсын;

- он биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«б) «МФК уюштуруучу (акционер) - юридикалык жактардан карызга алган каражаттар» –уюштуруучу (акционер) - юридикалык жактардан карызга алынган сумма чагылдырылат.»;

- он биринчи абзац төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«в) «Башка юридикалык жактардан» – уюштуруучу (акционер) болуп саналбаган юридикалык жактардан алынган карыздардын суммасы көрсөтүлөт.»;

- 15-пункттун он алтынчы абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«в) «каржылоо боюнча жалпы РППУ» – каржылоо боюнча жалпы РППУнун суммасы;»;

- 16-пункттун экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Гарантиялар, кепилдиктер жана ушул сыяктуу милдеттенмелер» деген 2-статьяда МФК тарабынан чыгарылган же тастыкталган гарантиялар, кепилдиктер жана ушул сыяктуу милдеттенмелер көрсөтүлөт.»;

22-пункттун:

- биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«22. «Коммерциялык банктардагы эсептерде жайгаштырылган депозиттер боюнча кирешелер» деп аталган 1-статьяда МФКнын башка банктардагы же ФКУдагы эсептеринде жайгаштырылган акча каражаттары боюнча алган кирешеси көрсөтүлөт.»;

- мамлекеттик тилде үчүнчү абзацындагы «финансы-кредит уюмдары» деген сөздөр «ФКУ» деген аббревиатурага алмаштырылсын;

- төртүнчү абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

««Тартылган инвестициялар боюнча кирешелер» деп аталган 5-статьяда тартылган инвестициялардан түшкөн киреше көрсөтүлөт.»;

- бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Каржылоо операцияларынан алынган башка кирешелер» деп аталган 6-статьяда жогоруда көрсөтүлбөгөн башка кирешелер чагылдырылат.»;

- алтынчы абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бардыгы болуп» деп аталган 7-статьяда 1-статьядан тартып 6-статьяны кошо алгандагы статьялар суммасы көрсөтүлөт.»;

23-пункттун:

- биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«23. Юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери боюнча чыгашалары» деп аталган 8-статьяда МФКнын юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери боюнча чыгашалары көрсөтүлөт.»;

- экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Жеке адамдардын мөөнөттүү депозиттери боюнча чыгашалар» деп аталган 9-статьяда МФКнын жеке адамдардын мөөнөттүү депозиттери боюнча чыгашалары көрсөтүлөт.»;

- үчүнчү абзацындагы «9» деген сан «10» дегенге алмаштырылсын;

- төртүнчү абзацындагы «10» деген сан «11» дегенге алмаштырылсын;

- бешинчи абзацындагы «11» деген сан «12» дегенге алмаштырылсын;

- алтынчы абзацындагы «12» деген сан «13» дегенге алмаштырылсын;

- жетинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бардыгы болуп» деп аталган 14-статьяда 8-статьядан тартып 13-статьяны кошо алгандагы статьялар суммасы көрсөтүлөт.»;

- сегизинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Операциялардан таза киреше» деп аталган 15-статьяда МФК отчеттук мезгил ичинде алган таза киреше көрсөтүлөт (7-статья менен 14-статьялар айырмасы).»;

- тогузунчу абзацындагы «15» деген сан «16» дегенге алмаштырылсын;

- онунчу абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«РППУга чегерүүдөн кийинки таза киреше» деп аталган 17-статьяда 15 жана 16-статьялар ортосундагы айырма көрсөтүлөт.»;

24-пункттун:

- биринчи абзацындагы «17» деген сан «18» дегенге алмаштырылсын;

- экинчи абзацындагы «18» деген сан «19» дегенге алмаштырылсын;

- үчүнчү абзацындагы «19» деген сан «20» дегенге алмаштырылсын;

- төртүнчү абзацындагы «20» деген сан «21» дегенге алмаштырылсын;

- бешинчи абзацындагы «21» деген сан «22» дегенге алмаштырылсын;

- алтынчы абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

««Бардыгы болуп» деп аталган 23-статьяда 18-22-статьялардын суммасы көрсөтүлөт.»;

25-пункттун:

- биринчи абзацындагы «23» деген сан «24» дегенге алмаштырылсын;

- экинчи абзацындагы «24» деген сан «25» дегенге алмаштырылсын;

- үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бардыгы болуп» деп аталган 26-статьяда 24 жана 25-статьялардын суммасы көрсөтүлөт.»;

26-пункттун:

- биринчи абзацындагы «26» деген сан «27» дегенге алмаштырылсын;

- бешинчи абзацындагы «27» деген сан «28» дегенге алмаштырылсын;

- алтынчы абзацындагы «28» деген сан «29» дегенге алмаштырылсын;

- он экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Такафул» деп аталган 30-статьяда камсыздандырууга (такафул) байланыштуу чыгашалар көрсөтүлөт.»;

- он үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Салыктар» деп аталган 31-статьяда пайда салыгын эске албаганда, салыктарга байланыштуу чыгашалар көрсөтүлөт.»;

- он төртүнчү абзацындагы «31» деген сан «32» дегенге алмаштырылсын;

- он бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бардыгы болуп: операциялык чыгашалар» деп аталган 33-статьяда 27-32-статьялардын суммалары көрсөтүлөт.»;

- он алтынчы абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бардыгы болуп операциялык кирешелер (чыгым)» деп аталган 34-статьяда МФК ээ болгон таза операциялык кирешелер/тарткан чыгымдар көрсөтүлөт (17 жана 23-статьялардын суммасы менен 26 жана 33-статьялардын суммасы ортосундагы айырма).»;

- он жетинчи абзацындагы «34» деген сан «35» дегенге алмаштырылсын;

- он сегизинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Таза операциялык киреше (чыгым)» деп аталган 36-статьяда 34 жана 35-статьялар ортосундагы айырма көрсөтүлөт.»;

- он тогузунчу абзацындагы «36» деген сан «37» дегенге алмаштырылсын;

- жыйырманчы абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Пайда салыгы» деп аталган 38-статьяда МФКнын пайда салыгы боюнча чыгашалары көрсөтүлөт.»;

- жыйырма биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Таза пайда (чыгым)» деп аталган 39-статьяда МФКнын таза пайдасы көрсөтүлөт (36, 37 жана 38-статьялар ортосундагы айырма).»;

- 3-бөлүктүн аталышы төмөнкү редакцияда берилсин:

«3. 3-бөлүк. «Капитал»»;

- 35-пункттун төртүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Реструктуризацияланган активдер» деп аталган 4-тилкеде реструктуризацияланган активдердин суммасы көрсөтүлөт.»;

- 38-пункттун экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бардыгы болуп» деп аталган 2-тилкенин мааниси 5, 6.1, 6.2, 7.1, 7.2, 7.3, 9.1, 9.2, 10, 11-тилкелердин маанилеринин суммасына барабар болууга тийиш. 5, 6, 6.1, 6.2, 7, 7.1, 7.2, 7.3, 9, 9.1, 9.2, 10, 11-тилкелеринде «нормалдуудан» «жоготууга» чейин классификациялоого жараша активдер жана баланстан тышкаркы милдеттенмелер категориясы чагылдырылат.»;

- 45-пункттун тогузунчу абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Үстөк баа/киреше, % менен» деп аталган 3-тилкеде ар бир каржылоо ыкмасы үчүн жылдык үстөк баа/киреше чагылдырылат.»;

- 46-пункттагы «аял жана эркек» деген сөздөр «аял, эркек жана юридикалык жактар» дегенге алмаштырылсын;

- 4-бөлүктүн «Кыргыз Республикасынын областтары боюнча каржылоону тобокелдик деңгээли боюнча классификациялоо» деп аталган Ж бөлүкчөсүнүн 7 параграфынын аталышы төмөнкү редакцияда берилсин:

«7 §. Ж бөлүкчөсү. «Кыргыз Республикасынын областтары боюнча берилген каржылоону тобокелдик деңгээли боюнча классификациялоо»;

- 51-пункттун бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Аманатчылардын саны» деп аталган статьяда алардан депозиттер тартылган кардарлар – жеке адамдардын жана юридикалык жактардын жалпы саны көрсөтүлөт.»;

53-пункттун:

- жетинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Берилген каржылоонун суммасы» деп аталган 6-тилкеде каржылоо келишими боюнча сунушталган каржылоо суммасы көрсөтүлөт.»;

- он үчүнчү абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Отчеттук мезгилдин акырына карата үстөк баа/киреше, % менен» деп аталган 12-тилкеде каржылоо боюнча үстөк баа/киреше боюнча карыз суммасы көрсөтүлөт.»;

- он төртүнчү абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Отчеттук мезгилдин акырына карата кирешелүүлүк коэффициенти, % менен» деп аталган 13-тилкеде, эгерде ал отчеттук мезгилге карата кайрадан саналган болсо, кирешелүүлүк коэффициенти көрсөтүлөт.»;

- 4-бөлүктүн «Параллель (катар) активдер жөнүндө маалымат» деп аталган К бөлүкчөсүнүн 10-параграфынын аталышындагы «Параллель (катар) активдер» деген сөздөр «Катар каржылоо» дегенге алмаштырылсын;

54-пункттун:

- биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«54. «Сумма, мин сом» деп аталган 3-тилкеде башка финансы-кредит уюмдарынан катар каржылоо жана/же кредиттерди алган кардарлардын чогуу алгандагы карызынын суммасы көрсөтүлөт.»;

- мамлекеттик тилде экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Кардарлардын саны» деп аталган 4-тилкеде башка ФКУдан катар каржылоо жана/же кредиттерди алган кардарлардын саны чагылдырылат.»;

- 5-бөлүктүн аталышы төмөнкү редакцияда берилсин:

«5. 5-бөлүк. «Депозиттер»;

- 5-бөлүктүн «Суммалар боюнча бөлүштүрүлгөн эсептер» А бөлүкчөсүнүн 1-параграфынын аталышындагы «эсептер» деген сөз «депозиттер» дегенге алмаштырылсын;

60-пункттун биринчи жана экинчи абзацтары төмөнкү редакцияда берилсин:

«60. «Юридикалык жактардын депозиттери» деп аталган статьяда юридикалык жактардын чектелген жана чектелбеген мудараба келишимдери боюнча мөөнөттүү депозиттердин жалпы суммасы көрсөтүлөт.

«Жеке адамдардын депозиттери» деп аталган статьяда жеке адамдардын чектелген жана чектелбеген мудараба келишимдери боюнча мөөнөттүү депозиттеринин жалпы суммасы көрсөтүлөт.»;

- 5-бөлүктүн «Отчеттук мезгил ичинде кардарлардын эсептериндеги акча каражаттардын жылышы» деп аталган Б бөлүкчөсүнүн 2-параграфынын аталышындагы «кардарлардын эсептериндеги акча каражаттардын» деген сөздөр «депозиттердин» дегенге алмаштырылсын;

- 5-бөлүгүнүн «Төлөө мөөнөттөрү боюнча эсептер» деп аталган В бөлүкчөсүнүн 3-параграфынын аталышындагы «эсептер» деген сөз «депозиттер» дегенге алмаштырылсын;

- 62-пунктундагы «эсептеринин» деген сөз «депозиттердин» дегенге алмаштырылсын;

- 6-бөлүктүн «Активдерди/милдеттенмелерди төлөө мөөнөтү» деп аталган Б бөлүкчөсүнүн 2-параграфынын аталышы төмөнкү редакцияда берилсин:

«2 §. Б бөлүкчөсү. «Активдерди/милдеттенмелерди ордун жабуу мөөнөттөрү боюнча талдап-иликтөө»;

71-пункттун:

- экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«6-статья атайы РППУну минуска чыгаруу менен «Финансылык абал жөнүндө регулятивдик отчет» деп аталган 1-бөлүктүн «Активдер» деп аталган А бөлүкчөсүнүн 15-сабына барабар болууга тийиш. 12-сап «Финансылык абал жөнүндө регулятивдик отчет» деп аталган 1-бөлүктүн «Милдеттенмелер» деп аталган Б бөлүкчөсүнүн 23-сабына барабар болууга тийиш.»;

- үчүнчү абзацтын биринчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

«13 жана 14-статьялар ар бир мезгил аралыгы үчүн эсептелинет.»;

- төртүнчү абзацтагы «12» деген сан «13» дегенге алмаштырылсын;

- бешинчи абзацтагы «13» деген сан «14» дегенге алмаштырылсын;

- 75-пункттун экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«ФКУга сунушталган каржылоо, анын ичинде иджара мунтахия биттамлик операциясы» деп аталган 1-статьяда жана «Башка кардарларга, анын ичинде иджара мунтахия биттамлик операциясы боюнча сунушталган каржылоо» деп аталган 2-статьяда каржылоо наркы (амортизацияланбаган дисконт өлчөмүн минуска чыгаруу менен) РППУну эсептен алып салуусуз көрсөтүлөт.»;

- «Ири тобокелдиктер жөнүндө маалымат» деп аталган 8-бөлүктүн аталышындагы «ири» деген сөз алып салынсын;

- 77-пункттун:

- биринчи абзацындагы «Карыз алуучунун» деген сөздөр «Кардардын» дегенге алмаштырылсын;

- онунчу абзацындагы «үстөк баа/киреше» деген сөздөр «үстөк баа/киреше, % менен,» дегенге алмаштырылсын;

- 79-пунктунун алтынчы абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Үстөк баа/чыгаша, % менен» деп аталган 7-тилкеде келишимге ылайык каржылоо боюнча үстөк баа/чыгаша көрсөтүлөт.»;

- 81-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«81. «Кызматчынын аты-жөнү» деп аталган 2-тилкеде кызматкерлердин аты-жөнү толук көрсөтүлөт. Бул бөлүктү толтуруу тартиби «Тобокелдиктер жөнүндө маалымат» деп аталган 8-бөлүктү толтуруу тартибине окшош.»;

- мамлекеттик тилдеги «Финансы-насыялык уюмдарда ишке ашырылган операциялар жана инвестициялар боюнча чечмелөөлөр» деп аталган 12-бөлүктүн 2-параграфынын аталышындагы «Финансы-насыялык уюмдарда» деген сөздөр «ФКУда» деген аббревиатурага алмаштырылсын;

89-пункттун:

- төртүнчү абзацы төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«4) Бардыгы болуп:»;

- бешинчи абзацтагы «акча каражаттардын» деген сөздөр «депозиттердин» дегенге алмаштырылсын;

- алтынчы абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Отчеттук мезгил ичинде депозиттердин же инвестицияларынын көбөйүүсү» деп аталган 5-тилкеде отчеттук мезгил ичинде депозиттердин же инвестициялардын көбөйүшү көрсөтүлөт.»;

- жетинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Отчеттук мезгил ичинде депозиттердин же инвестицияларынын азайышы» деп аталган 6-тилкеде отчеттук мезгил ичинде депозиттердин же инвестициялардын азайышы көрсөтүлөт.»;

- сегизинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Орточо алынган үстөк баа/киреше, отчеттук мезгилдин акырына карата, % түрүндө» деп аталган 9-тилкеде финансылык уюмга депозиттер жана инвестициялар боюнча орточо үстөк баа/киреше пайыз түрүндө чагылдырылат.»;

- тогузунчу абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Отчеттук мезгилдин акырына карата кирешелүүлүк коэффициенти, % түрүндө» деп аталган 10-тилкеде финансылык уюмга депозиттер жана инвестициялар боюнча кирешелүүлүктүн орточо алынган коэффициенти пайыз түрүндө чагылдырылат.»;

- тогузунчу абзац төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«Валюта» деген 11-тилкеде финансылык уюмда жайгаштырылган депозиттердин, инвестициялардын жана мамлекеттик казына векселдердин/облигациялардын валютасы көрсөтүлөт.

«Шарттар» деп аталган 12-тилкеде финансылык уюмда жайгаштырылган депозиттер, инвестициялар жана мамлекеттик казына векселдери/облигациялар боюнча шарттар чагылдырылат.»;

- «Чечмелөөлөр» деп аталган 12-бөлүгү төмөнкү мазмундагы 3-параграф менен толукталсын:

«3 §. 12 В бөлүкчөсү. Туунду финансылык инструменттер

Бул таблицада валюта операцияларын жүргүзүүгө лицензиясы болгон шартта микрофинансылык компаниянын своп-операциялары (коммерциялык банктар менен

хеджинг инструменттери боюнча своп-операциялар, «Back to back» компенсациялоо операциялары) боюнча маалымат камтылат.

«Банктын аталышы» деген 2-тилкеде алар менен своп-операциялар ишке ашырылуучу уюмдун толук аталышы көрсөтүлөт.

«Операциянын суммасы» деп аталган 3-тилкеде ишке ашырылган своп-операциялардын суммасы чагылдырылат.

«Операция күнү» деп аталган 4-тилкеде операция жүргүзүлгөн дата чагылдырылат.

«Операция аяктаган күн» деген 5-тилкеде своп-операция жабылуучу дата көрсөтүлөт.

«Киреше/чыгаша» деп аталган 7-тилкеде, эгерде мындай операциялар каралган болсо, своп-операциянын/Back to back жүрүшүндөгү киреше же чыгаша көрсөтүлөт.

Эскертүү. Улуттук банкка сунушталуучу Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчеттун электрондук версиясында белгилүү бир талаптарды сактоо максатында «Каталар протоколу» баракчасы колдонулат. Анда каталар катталса, отчет туура эмес толтурулган катары саналат. «Каталар протоколу» баракчасында ката аныкталса отчет Улуттук банк тарабынан кабыл алынбайт.»;

93-пункттун:

- онунчу абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«9) «кредитордун/баалуу кагазды ээлик кылуучунун түрү» – каражаттар баалуу кагазды резидент эмеске сатуунун эсебинен тартылган болсо, кредитордун же баалуу кагазга ээлик кылуучунун түрү белгиленет;»;

- он бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«14) «тартылган каржылоо боюнча үстөк баа/чыгашалар» – алынган каржылоо боюнча же товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо боюнча төлөнө турган үстөк баа/чыгаша чагылдырылат;»;

- он алтынчы абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«15) «үстөк бааны/тартылган каржылоо боюнча чыгашаларды төлөө датасы» – чегерилген үстөк баанын/чыгашанын биринчи жана акыркы ордун жабуу даталары, ошондой эле графикке ылайык бир жыл ичинде үстөк баа/чыгаша боюнча төлөмдөрдүн саны көрсөтүлөт;»;

- он сегизинчи абзацтагы «карыздык милдеттенмени тейлөө» деген сөздөр «(факт)» деген сөз менен толукталсын;

97-пункттун:

- 2-пунктчасынын үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- «тартылган каржылоо боюнча үстөк баа/чыгаша» тилкедесинде отчеттук мезгил ичинде төлөнгөн үстөк баа/чыгаша чагылдырылат;»;

- 3-пунктчасынын үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- «тартылган каржылоо боюнча үстөк баа/чыгаша» тилкесинде МФКнын отчеттук мезгил ичинде үстөк бааны/чыгашаны төлөп берүү боюнча орду жабылбаган карызы көрсөтүлөт.»;

- Усулдук көрсөтмөлөр төмөнкү мазмундагы бөлүктөр менен толукталсын:

«14. 14-бөлүк. «МФКнын директорлор кеңешинин, башкармасынын мүчөлөрү, негизги уюштуруучулары (акционерлери) жана Шариат кеңешинин мүчөлөрү жөнүндө маалыматтар»

104. МФКнын байкоо органынын (директорлор кеңешинин) мүчөлөрү тууралуу маалыматта төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

- байкоо органынын мүчөсүнүн аты-жөнү;

- байкоо органынын мүчөсү шайланган дата;

- Улуттук банк тарабынан байкоо органынын мүчөсүнө талапкер макулдашылган дата (Көзөмөл боюнча комитеттин чечими/макулдук кат);

- байкоо органынын мүчөсү иштеген жер;

- байкоо органынын мүчөсүнүн МФКда ээлеген кызмат орду (байкоо органынын төрагасы, төраганын орун басары, мүчөсү);

- байкоо органынын мүчөсүнүн жумуш телефонунун номери (анын ичинде шаардын/калктуу пункттун коду), байкоо органынын мүчөсүнүн уюлдук телефонунун номери (анын ичинде оператордун коду);

- байкоо органынын мүчөсүнүн компаниянын уставдык капиталындагы үлүшү/башка БФКУда акцияларга ээлик кылуу үлүшү;

- байкоо органынын мүчөсүнүн башка компаниялардын уставдык капиталындагы үлүшү/компаниялардын аталышын көрсөтүү менен башка компаниялардагы ээлик кылуу үлүшү;

- байкоо органынын мүчөсүнүн башка компаниялардын капиталына кирген дата/ башка компаниялардагы акциялар үлүшүнө ээ болгон дата;

- байкоо органынын мүчөсүнүн кол тамгасынын үлгүсү (кагаз жүзүндө отчет түрүндө).

105. МФКнын аткаруу органынын (башкармасынын) мүчөлөрү тууралуу маалыматта төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

- аткаруу органынын мүчөсүнүн аты-жөнү;

- аткаруу органынын мүчөсү дайындалган дата;

- Улуттук банк тарабынан аткаруу органынын мүчөсүнө талапкер макулдашылган дата (Көзөмөл боюнча комитеттин чечими/макулдук кат);

- аткаруу органынын мүчөсү иштеген жер;

- аткаруу органынын мүчөсү МФКда ээлеген кызмат орду (аткаруу органынын төрагасы, төраганын орун басары, мүчөсү);

- аткаруу органынын мүчөсүнүн жумуш телефонунун номери (анын ичинде шаардын/калктуу пункттун коду), аткаруу органынын мүчөсүнүн уюлдук телефонунун номери (анын ичинде оператордун коду);

- компаниялардын аталышын көрсөтүү менен башка компанияларда ээлеген кызмат орду;

- аткаруу органынын мүчөсүнүн МФКнын уставдык капиталындагы үлүшү/башка БФКУда акцияларга ээлик кылуу үлүшү;

- аткаруу органынын мүчөсүнүн башка компаниялардын уставдык капиталындагы үлүшү/компаниялардын аталышын көрсөтүү менен башка компаниялардагы ээлик кылуу үлүшү;

- аткаруу органынын мүчөсүнүн башка компаниялардын капиталына кирген дата/ башка компаниялардагы акциялар үлүшүнө ээ болгон дата;

- ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү (текшерүүгө алынуучу ишкердик чөйрөлөрү);

- аткаруу органынын мүчөсүнүн кол тамгасынын үлгүсү (кагаз жүзүндө отчет түрүндө).

106. МФКнын 1% жогору акцияларына ээлик кылган МФКнын акционерлери тууралуу маалыматта төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

- акционердин аты-жөнү/аталышы (юридикалык жак болуп саналган акционерлер үчүн);

- ар бир акционердин үлүшү пайыз түрүндө;

- акциялар сатып алынган дата;

- акционер жайгашкан өлкө (юридикалык жактар үчүн - катталган өлкө);

- акционер иштеген жер/юридикалык дареги (юридикалык жак болуп саналган акционерлер үчүн);

- акционердин ишинин түрү (башка компанияларда ээлеген кызмат орду);

- акционердин жумуш телефонунун номери (анын ичинде шаардын/калктуу пункттун коду), акционердин уюлдук телефонунун номери (анын ичинде оператордун коду);

- башка ФКУдагы акциялар (чет өлкөлүк же жергиликтүү ФКУ жана ээлик кылуу үлүшү);

- акыркы бенефициар;

- юридикалык жак - акционердин жана акционердин жетекчисинин кол тамгасынын үлгүсү (кагаз жүзүндө отчет түрүндө).

Эскертүү: мындай маалымат жылдык отчетто же өзгөртүүлөр киргизилген учурда чейрек ичинде чейректик отчетто чагылдырылат.

107. МФКнын Шариат кеңешинин мүчөлөрү тууралуу маалыматта төмөнкү маалымат камтылууга тийиш:

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн аты-жөнү;

- Шариат кеңешинин мүчөсү шайланган дата;

- Улуттук банк тарабынан Шариат кеңешинин мүчөлөсү макулдашылган дата (Көзөмөл боюнча комитеттин чечими/макулдук кат);

- Шариат кеңешинин мүчөсү иштеген жер;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн МФКда ээлеген кызмат орду (Шариат кеңешинин төрагасы, төраганын орун басары, мүчөсү);

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн жумуш телефонунун номери (анын ичинде шаардын/калктуу пункттун коду), Шариат кеңешинин мүчөсүнүн уюлдук телефонунун номери (анын ичинде оператордун коду);

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компанияларда ээлеген кызмат орду/компаниялардын аталышы көрсөтүлөт;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн МФКнын уставдык капиталындагы үлүшү/башка БФКУда акцияларга ээлик кылуу үлүшү;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компаниялардын уставдык капиталындагы үлүшү/компаниянын аталышын көрсөтүү менен башка компаниялардагы ээлик кылуу үлүшү;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компаниялардын капиталына кирген дата/башка компаниялардагы акциялар үлүшүнө ээ болуу датасы;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн кол тамгасынын үлгүсү (кагаз жүзүндө отчет түрүндө).

15. «15-бөлүк. МФКнын айрым кызмат адамдары тууралуу маалыматтар»

108. МФКнын айрым кызмат адамдары тууралуу маалымат ар жылдык отчетто же өзгөртүүлөр киргизилген учурда берилет жана анда төмөнкү МФКнын кызмат адамдарынын (же аларга тең кызмат ордун ээлеген адамдардын) тизмеги камтылат:

1) башкы бухгалтер;
2) ликвиддүүлүктү тескөө үчүн жооптуу кызмат адам;
3) МФКнын бюджети үчүн жооптуу кызмат адам;
4) МФКнын каржылоо иши үчүн жооптуу кызмат адам;
5) аудит боюнча комитеттин төрагасы;
6) ички аудит кызматынын/бөлүмүнүн жетекчиси;
7) тобокелдик-менеджери;
8) комплаенс-офицери;
9) активдерди жана пассивдерди тескөө үчүн жооптуу түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси (же болбосо өз функционалдык милдеттери боюнча ага теңдештирилген адам);

2, 3, 4-пункттарда көрсөтүлгөн кызмат адамдар МФКнын колдонмосун сунуштап, бүтүндөй МФКнын ишине тиешелүү багыттар боюнча саясаттын жүргүзүлүшү үчүн жоопкерчилик тартат.

109. Ар бир кызмат адамы боюнча төмөнкү маалымат камтылууга тийиш:

- кызмат адамдын аты-жөнү;

- талапкерлиги Улуттук банк тарабынан милдеттүү түрдө макулдашылууга тийиш болгон кызмат адамдары үчүн Улуттук банк тарабынан макулдашылган дата (Көзөмөл боюнча комитеттин чечими /макулдук кат);

- кызмат адамына отчет берүүчү кызматкерлердин саны;

- кызмат адамдын жумуш телефонунун номери (анын ичинде шаардын/калктуу пункттун коду), кызмат адамдын уюлдук телефонунун номери (анын ичинде оператордун коду);

- кызмат адамдын кол тамгасынын үлгүсү (кагаз жүзүндө отчет түрүндө).

110. МФКнын белгилүү бир иш багыттары үчүн жооптуу МФКнын кызмат адамдарына жүктөлгөн милдеттер документ түрүндө тастыкталууга тийиш.

16. «16-бөлүк. МФК боюнча базалык маалымат, филиалдар/өкүлчүлүктөр, туунду жана аффилирленген компаниялар, учурда иштеп жаткан комитеттер жөнүндө маалымат»

111. Базалык маалыматта төмөнкү бөлүктөр боюнча маалымат камтылат:

- МФК боюнча базалык маалымат;
- МФКнын филиалдары/өкүлчүлүктөрү жөнүндө маалымат;
- туунду жана аффирленген компаниялар;
- учурда иштеп жаткан комитеттер.

112. МФК боюнча базалык маалыматта төмөнкүлөр камтылат:

- отчет берип жаткан МФКнын толук аталышы;
- МФКнын уюштуруу-укуктук формасы (ААК/ЖАК);
- дареги (МФКнын айкын жана юридикалык дареги, жайгашкан шаар, көчө, үй номери, почта индекси);
- Улуттук банктын лицензиясы, кошумча лицензиялар берилген дата (хронологиялык тартипте көрсөтүлөт, №, датасы);
- Улуттук банктын лицензияларында чектөөлөрдүн болушу (ооба/жок);
- Улуттук банктын лицензияларында белгиленген чектөөлөрдүн тизмеги;
- тышкы аудит (акыркы тышкы аудит жүргүзүлгөн дата, аудитордук уюмдун аталышы);
- МФКнын интернеттеги веб-сайты (сайттын дарегине шилтеме);
- расмий жарыяланган байланыш: жумуш телефонунун номерлери (анын ичинде шаар/калктуу пункттун коду), уюлдук телефон номери (анын ичинде оператор коду), факс, электрондук почта;
- МФКнын персоналы (кызматкерлердин жалпы саны) штаттык бирдиктерди жана мөөнөттүү эмгек келишими боюнча кызматкерлерди көрсөтүү менен;
- уставдык капиталдын суммасы: жарыяланган жана айкын салынган;
- жөнөкөй акциялар (31-декабрга карата абал боюнча): номиналы, саны, наркы;
- артыкчылыктуу акциялар (31-декабрга карата абал боюнча): номиналы, саны, наркы.

113. МФКнын филиалдары/өкүлчүлүктөрү жөнүндө маалыматтарда төмөнкүлөр камтылат:

- МФКнын филиалдарынын жана өкүлчүлүктөрүнүн саны;
- МФКнын филиалдарынын жана өкүлчүлүктөрүнүн аталыштары;
- МФКнын филиалдарынын жана өкүлчүлүктөрүнүн даректери;
- МФКнын филиалдарынын жана өкүлчүлүктөрүнүн жетекчилеринин аты-жөнү.

114. МФКнын ар бир туунду жана аффирленген компаниялары тууралуу маалыматта төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

- туунду жана аффирленген компаниянын аталышы;
- туунду жана аффирленген компания түзүлгөн өлкө;
- туунду жана аффирленген компаниянын ишкердик түрү;
- компаниянын туунду жана аффилирленген компаниядагы үлүшү пайыз түрүндө;

- туунду жана аффилирленген компаниядагы башка уюштуруучулардын/акционерлердин үлүшү жана аталышы;

- МФКнын туунду жана аффилирленген компанияга карата стратегиялык пландары.

115. МФКнын ар бир иштеп жаткан комитети боюнча төмөнкү маалыматтар камтылууга тийиш:

- комитеттин аталышы;

- комитеттин мүчөлөрүнүн курамы (аты-жөнү), комитетте ээлеген кызмат орду;

- МФКда кызмат орду;

- Улуттук банк тарабынан макулдашылган дата (Көзөмөл боюнча комитеттин чечими, макулдук кат).

Эскертүү: Башка бөлүктөрдө берилген маалыматтар ушул бөлүктө көрсөтүлгөн маалыматтарга шайкеш келүүгө тийиш. Отчетко тиешелүү бардык башка маселелер боюнча Улуттук банк ушул бөлүктө келтирилген маалыматтарды колдонот.».

2) Жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган микрокредиттик компаниялардын жана микрокредиттик агенттиктердин мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн:

1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«1. Бул усулдук көрсөтмөдө төмөнкү бөлүктөр боюнча «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан микрокредиттик компаниялардын жана микрокредиттик агенттиктердин мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жобого карата тиркемелердин төмөнкү бөлүктөрүн толтуруу тартибине түшүндүрмө берилет:

1) титулдук барак;

2) «Финансылык абал жөнүндө регулятивдик отчет» деп аталган 1-бөлүк;

3) «Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет» деп аталган 2-бөлүк;

4) «Активдер жөнүндө маалымат» деп аталган 3-бөлүк;

А таблицасы. «Активдерди тобокелдик деңгээли боюнча классификациялоо»;

Б таблицасы. «Каржылоо ыкмалары»;

В таблицасы. «Каржылоо боюнча портфелди тармактар жана региондор боюнча бөлүштүрүү»;

Г таблицасы. «Берилген каржылоо боюнча маалымат»;

Д таблицасы. «Проблемалуу кардарлар боюнча маалымат»;

Е таблицасы. «Катар каржылоо тууралуу маалымат»;

Ж таблицасы. «Тармактар жана региондор боюнча берилген каржылоонун көлөмү жөнүндө маалымат»;

З таблицасы. «Кредиттик тобокелдикти алып жүрүүчү реструктуризацияланган активдер»;

И таблицасы. «Кирешелүүлүк чендеринин өзгөрүүсүнүн карата активдердин жана милдеттенмелердин ийкемдүүлүгүн талдоо (ГЭП-анализ)».

К таблицасы. «Активдердин/милдеттенмелердин ордун жабуу мөөнөттөрү»;

5) 4-бөлүк. «Өзүнө-өзү баа берүү боюнча отчет»;

6) 5-бөлүк. «Чет өлкө активдери жана милдеттенмелери боюнча отчет»;

- № 1-НД форма. Жеке карыздык милдеттенме/кредитордук карыз жөнүндө маалымат;

- № 2-НД форма. Карыздык милдеттенмени/кредитордук карызды тейлөө боюнча маалымат.

«Резиденттердин чет өлкө банктарындагы эсептеринде же аманаттарында каражаттарынын калдыктары жөнүндө отчет»;

«Чет өлкө банкында ачылган эсеп (аманат) жөнүндө билдирүү»;

7) 6-бөлүк. «Чечмелеп көрсөтүү»;

8) 7-бөлүк. «МККнын экономикалык ченемдерди сактоосу жөнүндө маалымат».

9) МКК жана МКАнын директорлор кеңешинин, башкармасынын, негизги уюштуруучулары (акционерлери) жана Шариат кеңешинин мүчөлөрү жөнүндө маалыматтар;

10) МКК жана МКАнын айрым кызмат адамдары жөнүндө маалымат;

11) МКК жана МКА жөнүндө базалык маалымат, филиалдар/өкүлчүлүктөр/түзүмдүк бөлүмдөр (кеңселер), туунду жана аффилирленген компаниялары, учурда иштеп жаткан комитеттер жөнүндө маалымат.

Бардык суммалар миң сом түрүндө көрсөтүлүүгө тийиш (чет өлкө валютасындагы суммалар Улуттук банктын отчеттук күнгө карата расмий курсу боюнча сом эквивалентинде көрсөтүлүүгө тийиш).»;

- 4-пункттун бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«4) мезгил аралыгы – «чейректик», «жылдык» же «корректировкалоо». Эгерде техникалык мүнөздөгү каталар орун алса, корректировкаланган отчетту сунуштоого жол берилет. Бул учурда өзгөртүүлөр киргизилген отчеттун формалары гана сунушталып, киргизилген өзгөртүүлөр боелуп (маркер менен) көрсөтүлөт;»;

- «III. МКК/МКАнын директорлор кеңешинин, башкармасынын, Шариат кеңешинин мүчөлөрү жана негизги уюштуруучулар (акционерлер) жөнүндө маалыматтар» бөлүкчөсү күчүн жоготкон катары таанылсын;

- «IV. Айрым кызмат адамдар тууралуу маалыматтар» бөлүкчөсү күчүн жоготкон катары таанылсын;

- «V. Базалык маалымат» бөлүкчөсү күчүн жоготкон катары таанылсын;

11-пункттун:

- үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Башка банктардагы жана ФКУдагы депозиттер, анын ичинде:» деп аталган 3-статьяда башка банктардагы жана башка ФКУдагы эсептердеги, анын ичинде чет өлкө валютасындагы акча каражаттардын суммасы көрсөтүлөт.»;

- бешинчи абзацтагы «Финансы-насыялык уюмдарга» деген сөздөр «ФКУга» деген аббревиатурага алмаштырылсын;

- 12-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«12. «Кыргыз Республикасынын банктарынан алынган каржылоо» деген 1-статьяда МКК жана МКА Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынан алган каржылоо көрсөтүлөт.

«Кыргыз Республикасынын башка ФКУларынан алынган каржылоо» деген 2-статьяда Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарын кошпогондо, МКК жана МКА Кыргыз Республикасынын ФКУларынан алган каржылоо көрсөтүлөт.

«Эл аралык финансылык уюмдардан жана донорлордон алынган каржылоо» деген 3-статьяда ММК жана МКА эл аралык финансылык уюмдардан жана донорлордон (башка каржылоо булактары) алган каржылоо көрсөтүлөт.

«Эл аралык ФКУдан алынган каржылоо» деген 4-статьяда ММК жана МКА эл аралык ФКУдан алган каржылоо көрсөтүлөт.

«Мамлекеттик бийлик органдары алдындагы милдеттенмелер» деген 5-статьяда мамлекеттик бийлик органдарынан алынган каражаттар көрсөтүлөт.

«Субординацияланган карыздык милдеттенмелер» деген 6-статьяда башка кредиторлордун талаптары канааттандырылгандан кийин алардын ээлери активдерге ээ болууга укуктуу узак мөөнөттүү милдеттенмелер көрсөтүлөт. Бул статьяда ошондой эле гранттар чагылдырылат, бирок МКК жана МКА грантты белгилүү бир мезгил аралыгына же белгилүү бир шарттарда алган учурда гана.

«МКК юридикалык жактардан жана уюштуруучулардан (акционерлерден) карызга алган каражаттар» деген 7-статьяда юридикалык жактардан жана уюштуруучулар (акционерлер) - жеке адамдардан жана юридикалык жактардан алынган карыз суммалары көрсөтүлөт. Маалымат төмөнкүлөр боюнча өз-өзүнчө көрсөтүлөт:

а) «МКК уюштуруучулар (акционерлер) – жеке адамдардан алган карыздык каражаттар» – уюштуруучулар (акционерлер) – жеке адамдардан алынган карыздык каражаттар көрсөтүлөт.

б) «МКК уюштуруучулар (акционерлер) – юридикалык жактардан алган карыздык каражаттар» – уюштуруучулар (акционерлер) – юридикалык жактардан алынган карыздык каражаттар көрсөтүлөт.

«Жана башка» деген 8-статьяда буга чейинки статьяларда көрсөтүлбөгөн башка милдеттенмелер чагылдырылат.

«Бардыгы болуп милдеттенмелер» деген 9-статьяда 1-8-статьялардын суммасы көрсөтүлөт.

Эскертүү: «Чечмелөөлөр» деген 6-бөлүктө алынган каржылоо булактары, милдеттенмелер, гранттар жана башка милдеттенмелер тууралуу маалымат кеңири берилүүгө тийиш.

«Уставдык капитал (жөнөкөй акциялар)» деген 10-статьяда МКК жана МКАнын жөнөкөй акцияларынын/уюштуруу салымдарынын жалпы суммасы көрсөтүлөт.

«Артыкчылык берилген акциялар» деген 11-статьяда МКК жана МКАнын артыкчылык берилген акцияларынын жалпы суммасы (акционедик коомдор үчүн) көрсөтүлөт.

«Номиналдан үстөк салынган капитал» деген 12-статьяда акционерлер жана уюштуруучулар тарабынан МКК жана МКАнын акцияларынын номиналынан үстөк салынган каражаттардын суммасы көрсөтүлөт, ал жөнөкөй жана артыкчылык берилген акцияларды сатуу баасы менен алардын номиналдык наркынын ортосундагы айырманы түшүндүрөт.

«Жеке адамдар жана юридикалык жактар тарабынан салынган кошумча капитал» деген 13-статьяда жеке адамдар жана юридикалык жактар тарабынан төлөнгөн уставдык капиталдан үстөк же уставдык капитал өзгөргөндүгүнө байланыштуу кайра каттоодон өткөнгө чейин эске алына турган кошумча капитал катары салынган акча каражаттар көрсөтүлөт. Бул каражаттар, МКК жана МКА жеке адамдар жана юридикалык жактар менен МКК жана МКАнын акцияларын/уставдык капиталдагы үлүшүн төмөнкү шарттарда сатып алуунун эсебинен каражаттарды салгандыгы тууралуу келишим түзүлгөн учурда гана чегерилет:

- кайтарылып алынгыс (кандай жагдай болбосун);
- салынган каражаттардын мөөнөтсүздүгү;
- МКК жана МКА банкрот болгон учурда бул каражаттар боюнча талаптар МКК жана МКАнын акционерлери сыяктуу эле кезекте канааттандырылат.

Кийинчерээк жеке адамдар жана юридикалык жактар тарабынан кошумча салынган акча каражаттар МКК жана МКАнын уставдык капиталына (жөнөкөй же артыкчылык берилген акциялар) багытталууга тийиш.

«Бөлүштүрүлбөгөн пайда (чыгым)» деген 14-статьяда МКК жана МКАнын таза бөлүштүрүлбөгөн пайдасынын же чыгымдарынын суммасы көрсөтүлөт. Бул статья төмөнкү чакан статьялардын суммасын камтыйт:

а) «өткөн жылдардын пайдасы (чыгымы)» - мында МКК жана МКАда келечектеги керектөөлөр үчүн камга чегерүүдөн кийин жана уюштуруучуларга (акционерлерге) тиешелүү пайда төлөнүп берилгенден кийин калган өткөн жылдардын пайдасы же чыгымы көрсөтүлөт.

б) «өтүп жаткан жылдын пайдасы (чыгымы)» - МКК жана МКАнын өтүп жаткан жылдагы пайдасы (чыгымы) көрсөтүлөт.

Бул статьяда келтирилген сумма «Чогуу алгандагы киреше жөнүндө» отчет деген 2-бөлүктүн «Таза пайда (чыгым)» деген 28-статьясынын маанисине барабар болууга тийиш.

«Келечектеги керектөөлөргө камдар» деген 15-статьяда пайданы бөлүштүрүүнүн эсебинен МКА жана МКАда келечекте керектөө үчүн түзүлгөн камдардын суммасы көрсөтүлөт.

«Активдерди кайра баалоо боюнча кам» деген 16-статьяда активдерди кайра баалоонун жана чет өлкө валютасын кайра баалоодон ишке ашпаган курстук айырманын эсебинен түзүлгөн камдардын суммасы көрсөтүлөт.

«Каржылоо боюнча жалпы РППУ» деген 17-статьяда каржылоо боюнча жалпы РППУнун суммасы берилет.

Жалпы РППУ суммасы «Активдер жөнүндө маалымат» деген 3-бөлүктүн «Активдерди тобокелдик деңгээли боюнча классификациялоо» деген 3А таблицасында көрсөтүлгөн жалпы РППУнун суммасына барабар болууга тийиш.

«Жыйынтыгында капитал» деген 18-статьяда 10-17ге чейинки статьялардын суммасы көрсөтүлөт.

«Бардыгы болуп: милдеттенмелер жана капитал» деген 19-статьяда 9 жана 18-статьялардын суммасы көрсөтүлөт.»;

16-пунктунун:

- биринчи абзацындагы «Коммерциялык банктардагы эсептерде жайгаштырылган акча каражаттар боюнча кирешелер» деген сөздөр «Коммерциялык банктардагы депозиттер боюнча кирешелер» дегенге алмаштырылсын;

- «финансы-насыялык уюмдардагы» деген сөздөр «ФКУдагы» деген аббревиатурага алмаштырылсын;

- экинчи абзацындагы «финансы-насыялык уюмдарга» деген сөздөр «ФКУга» деген аббревиатурага алмаштырылсын;

- үчүнчү абзацындагы «финансы-насыялык уюмдардан» деген сөздөр «ФКУдан» деген аббревиатурага алмаштырылсын;

- үчүнчү абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Тартылган инвестициялар боюнча кирешелер» деп аталган 4-статьяда тартылган инвестициялардан түшкөн киреше көрсөтүлөт.»;

- төртүнчү абзацтагы «4» деген сан «5» дегенге алмаштырылсын;

- бешинчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бардыгы болуп» деп аталган 6-статьяда 1-5-статьялардын жалпы суммасы көрсөтүлөт.»;

17-пункттун:

- биринчи абзацындагы «6» деген сан «7» дегенге алмаштырылсын;

- экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Операциялар боюнча алынган таза киреше» деп аталган 8-статьяда 6 жана 7-статья ортосундагы айырма көрсөтүлөт.»;

- үчүнчү абзацындагы «8» деген сан «9» дегенге алмаштырылсын;

- төртүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«РППУга чегерүүлөрдөн кийин операциялар боюнча алынган таза киреше» деп аталган 10-статьяда РППУга чегерүүлөрдөн кийин таза кирешенин суммасы 8 жана 9-статьялар ортосундагы айырма катары көрсөтүлөт.»;

18-пункттун:

- биринчи абзацындагы «10» деген сан «11» дегенге алмаштырылсын;

- экинчи абзацындагы «Инвестициялардан киреше» деп аталган 11-статьяда» деген сөздөр жана сандар ««Капиталга жана акцияларга, анын ичинде туунду жана ассоциацияланган компанияларга салымдардан түшкөн киреше/дивиденддер» деп аталган 12-статьяда» дегенге алмаштырылсын;

- үчүнчү абзацындагы «12» деген сан «13» дегенге алмаштырылсын;

- төртүнчү абзацындагы «13» деген сан «14» дегенге алмаштырылсын;

- бешинчи абзацындагы «14» деген сан «15» дегенге алмаштырылсын;

- алтынчы абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бардыгы болуп» деп аталган 16-статьяда 11 жана 15-статьялардын суммасы көрсөтүлөт.»;

- 19-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«19. «Персоналды күтүүгө кеткен чыгашалар» деп аталган 17-статьяда МКК жана МКАнын кызматкерлерине эмгек акыларды, сый акыларды жана башка ушул сыяктуу төлөөлөрдү төлөп берүүгө байланыштуу чыгашалар (анын ичинде байкоо органына/директорлор кеңешине/Шариат кеңешине төлөөлөр) көрсөтүлөт.

«Негизги каражаттарга чыгашалар» деп аталган 18-статьяда имараттарды жана курулмаларды, эмеректерди, транспорт каражаттарын, жабдууларды, компьютерлерди тейлөөгө, программалык камсыздоого, ошондой эле материалдык эмес активдерге кеткен чыгашалар, анын ичинде амортизацияга чегерүүлөр жана менчик салыгы боюнча чыгашалар көрсөтүлөт.

«Административдик чыгашалар» деп аталган 19-статьяда канцелярдык товарларга, байланышка, транспортко, иш сапарга, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө, өкүлчүлүк чыгашаларга, персоналды окутууга, унааларды амортизациялоого, унааларга кеткен чыгашалар, ишке тартылган адистердин кызмат көрсөтүүлөрүнө, компьютердик маалыматтарды иштеп чыгууга, жарнама жана маркетингге, жарыялоого жана жазылууларга чыгашалар жана башка административдик чыгашалар көрсөтүлөт.

«Башка операциялык чыгашалар» деп аталган 20-статьяда бардык эксплуатациялоого кеткен чыгашалар жана жогоруда көрсөтүлбөгөн башка чыгашалар, анын ичинде күтүүсүз кирешелер/чыгашалар көрсөтүлөт.

«Такафул» деп аталган 21-статьяда камсыздандырууга (такафул) байланыштуу чыгашалар көрсөтүлөт.

«Салыктар» деп аталган 22-статьяда менчикке жана пайдага салыктардан тышкары, салыктарды төлөөгө байланыштуу чыгашалар көрсөтүлөт.

«Бардыгы болуп» деп аталган 23-статьяда 17-22-статьялардын суммасы көрсөтүлөт.

«Потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камга карата чыгашалар (каржылоо операцияларынан тышкары)» деп аталган 24-статьяда каржылоо операцияларынан айырмаланган операциялар боюнча атайы жана жалпы РППУга чыгашалардын суммасы көрсөтүлөт.

«Таза операциялык киреше (чыгым)» деп аталган 25-статьяда МКК жана МКА тарабынан алынган таза пайда (чыгым) көрсөтүлөт (6 жана 16-статьялардын суммасы менен 7, 9, 23 жана 24-статьялардын суммасынын айырмасы).

«Битирге жана кайрымдуулукка кеткен чыгашалар» деп аталган 26-статьяда МКК жана МКА битирге жана кайрымдуулукка сарптаган чыгашалар көрсөтүлөт.

«Пайда салыгы» деп аталган 27-статьяда пайда салыгы боюнча чыгашалар көрсөтүлөт.

«Таза пайда (чыгым)» деп аталган 28-статьяда отчет берген уюмдун таза пайдасы (чыгымы) көрсөтүлөт (25-статья менен 26-27-статьялардын айырмасы).»;

22-пункттун:

- бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Реструктуризацияланган активдер» деп аталган 4-тилкеде реструктуризацияланган активдердин суммасы көрсөтүлөт (мында, реструктуризацияланган активдердин суммасы мөөнөтү өткөрүлгөн же мөөнөтү өткөрүлбөгөн активдердин суммасына кирүүсү зарыл).»;

- жетинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«6, 7.1, 7.2, 8.1, 8.2, 9, 10-тилкелерде Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 28-декабрындагы № 2020-П-33/75-4-(НФКУ) токтому менен бекитилген «Банк эмес финансы-кредит уюмдары тарабынан активдерди классификациялоо, потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга кам түзүү жөнүндө» жобого ылайык «нормалдуудан» «жоготууларга» чейин классификациялануучу активдердин негизги суммасы боюнча карыздын калдыктары көрсөтүлөт.»;

- 23-пункттун тогузунчу абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Отчеттук мезгилдин акырына карата үстөк баа/киреше, % түрүндө» деп аталган 3-тилкеде каржылоонун ар бир методу боюнча орточо алынган үстөк баа/киреше чагылдырылат.»;

- 34-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«34. 1-тилкеде пункттардын номери көрсөтүлөт.

«Отчеттук чейректин башталышына карата каржылоо боюнча портфелдин калдыгы» деп аталган 3-тилкеде отчеттук чейректин башталышына карата каржылоо калдыгынын суммасы, IV чейректе – жылдын башталышына карата көрсөтүлөт.

«Отчеттук чейрек ичинде берилген каржылоонун көлөмү» деп аталган 4-тилкеде отчеттук чейрек ичинде берилген каржылоонун суммасы, IV чейректе – бүтүндөй жыл үчүн көрсөтүлөт.

«Отчеттук чейрек ичинде берилген каржылоонун саны» деп аталган 5-тилкеде отчеттук чейрек ичинде берилген каржылоонун саны, IV чейректе – бүтүндөй жыл үчүн көрсөтүлөт.

«Отчеттук чейрек ичинде айкын орду жабылган көлөм» деп аталган 6-тилкеде отчеттук чейрек ичинде орду жабылган каржылоонун өлчөмү, IV чейректе – бүтүндөй жыл үчүн көрсөтүлөт.

«Отчеттук чейректин акырына карата каржылоо боюнча портфелдин калдыгы» деп аталган 7-тилкеде отчеттук мезгилдин акырына карата каржылоо калдыгынын суммасы көрсөтүлөт.

«Отчеттук мезгилдин акырына орточо алынган үстөк баа/киреше, % түрүндө» жана «Отчеттук мезгилдин акырына кирешелүүлүк коэффициенти, % түрүндө» деп аталган 8 жана 9-тилкелерде отчеттук мезгилдин акырына карата орточо алынган үстөк баа/киреше жана кирешелүүлүк коэффициенти көрсөтүлөт.

Бул бөлүктө келтирилген бардык суммалар миң сом түрүндө көрсөтүлөт.»;

36-пункттун:

- төртүнчү абзацындагы «Каржылоо суммасы» деген сөздөр «Берилген каржылоо суммасы» дегенге алмаштырылсын;

- бешинчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Отчеттук мезгилдин акырына карата үстөк баа/киреше, % түрүндө» деп аталган 5-тилкеде каржылоо келишимине ылайык каржылоо боюнча жылдык үстөк баа/киреше көрсөтүлөт.»;

- онунчу абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Үстөк баа/киреше, % түрүндө» деп аталган 10-тилкеде аталган актив боюнча үстөк баа/киреше боюнча карыздын суммасы көрсөтүлөт.»;

- он алтынчы абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Отчеттук мезгилдин акырына карата үстөк баа/киреше, % түрүндө» деп аталган 16-тилкеде кошумча макулдашууга ылайык реструктуризацияланган актив боюнча жылдык үстөк баа/киреше көрсөтүлөт.»;

- он алтынчы абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«Отчеттук мезгилдин акырына карата кирешелүүлүк коэффициенти, % түрүндө» деп аталган 17-тилкеде кошумча келишим боюнча реструктуризацияланган активдер боюнча кирешелүүлүк коэффициенти көрсөтүлөт.

«Мөөнөтү» деп аталган 18-тилкеде өзгөргөн шартта каржылоонун колдонуу мөөнөтү көрсөтүлөт.»;

- 42-пункттун биринчи абзацындагы «5 жана 9-саптарда» деген сандар жана сөздөр ««Активдер» статьясынын 5-сабында жана «Милдеттенмелер» статьясынын 8-сабында» дегенге алмаштырылсын;

- 46-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«46. «Активдер» статьясынын 5-сабында жана «Милдеттенмелер» статьясынын 8-сабында бул бөлүкчөнүн башка статьяларына кирбеген бардык башка активдер жана милдеттенмелер ордун жабуу мөөнөттөрүнө ылайык көрсөтүлөт.

6-сап атайын РППУну минуска чыгаруу менен «Финансылык абал жөнүндө регулятивдик отчет» деп аталган 1-бөлүктүн А. «Активдер» бөлүкчөсүнүн 14-сабына барабар болууга тийиш.

9-сап «Финансылык абал жөнүндө регулятивдик отчет» деп аталган 1-бөлүктүн Б бөлүкчөсүнүн 9-сабына барабар болууга тийиш.

10 жана 11-саптар ар бир мезгил аралыгы үчүн эсептелет. Бардык суммалар миң сом түрүндө көрсөтүлүүгө тийиш.

«Ажырым» деп аталган 10-сапта ордун жабуу мөөнөттөрү боюнча активдердин жана милдеттенмелердин айырмасы көрсөтүлөт.

«Кумулятивдик ажырым» деп аталган 11-сапта ажырымдардын суммасы улам өсүү жыйынтыгы менен ордун жабуу мөөнөттөрү боюнча көрсөтүлөт. Мисалы: «дароо» деп аталган тилкедеги кумулятивдик ажырымдын мааниси «дароо» тилкесиндеги ажырымдын маанисине барабар, ал эми «1-30 күн» деп аталган тилкедеги кумулятивдик ажырымдын мааниси «дароо» жана «1-30 күн» тилкелериндеги ажырымдын маанисине барабар, мындан ары ушул сыяктуу ыкмада пайдаланылат.»;

52-пункттун:

- үчүнчү абзацындагы «кардардын түрү» деген сөздөр «каржылоону алуучу, кардардын түрү» дегенге алмаштырылсын;

- онунчу абзацтагы «кредитордун/ээлик кылуучунун түрү» деген сөздөр «кредитордун/баалуу кагазга ээлик кылуучунун түрү» дегенге алмаштырылсын;

- он биринчи абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«Тике чет өлкөлүк инвестор – бул ишкананын өздүк капиталынын 10 % жана андан көбү таандык болгон жана ушул МКК жана МКАнын ишин тескөөгө катышкан резидент эмес.

Башка чет өлкөлүк инвестор – бул ишкананын өздүк капиталынын 10 % азы таандык болгон резидент эмес же МКК жана МКАга коммерциялык кредит/каржылоо сунуштаган жана ал МКК жана МКАнын ишин тескөөгө катышпаган резидент эмес.»;

- он бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«14) тартылган каржылоо боюнча үстөк баа/чыгаша – алынган каржылоо же товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү берүү боюнча төлөнө турган үстөк баа/чыгаша чагылдырылат;»;

- он алтынчы абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«15) тартылган каржылоо боюнча үстөк баанын/чыгашанын ордун жабуу датасы – чегерилген үстөк баанын/чыгашанын ордун жабуунун биринчи жана акыркы төлөө даталары, ошондой эле бир жыл ичинде үстөк баа/чыгаша боюнча төлөөлөрдүн саны көрсөтүлөт;»;

- он сегизинчи абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«18) Эскертүү.»;

- 53-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«53. Бул форма МКК жана МКА тарабынан чейрек сайын толтурулат жана отчеттук чейректен кийинки айдын 20сынан кечиктирилбестен берилет.»;

57-пункттун:

- төртүнчү абзацындагы «отчеттук айдын» деген сөздөр «отчеттук чейректин» дегенге алмаштырылсын;

- бешинчи абзацындагы «отчеттук ай» деген сөздөр «отчеттук чейрек» дегенге алмаштырылсын;

- 57-пункттун 2-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«2) «орду жабылды» тобундагы тилкелерде:

- «негизги сумма» тилкесинде отчеттук чейрек ичинде төлөнгөн негизги сумма көрсөтүлөт;

- «тартылган каржылоо боюнча үстөк баа/чыгаша» деп аталган тилкеде отчеттук чейрек ичинде төлөнгөн үстөк баа/чыгаша көрсөтүлөт;»;

- 57-пункттун 3-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:

«3) «мөөнөтүндө төлөнбөгөн» тобундагы тилкелерде:

- «негизги сумма» тилкесинде отчеттук чейректе негизги сумма боюнча МКК жана МКАнын орду жабылбаган карызы көрсөтүлөт;

- «тартылган каржылоо боюнча үстөк баа/чыгаша» деп аталган тилкеде МКК жана МКАнын үстөк бааны/чыгашаны төлөп берүү боюнча орду жабылбаган карызы көрсөтүлөт.»;

расмий тилде 58-пункттагы «с месяца» деген сөз «с квартала» дегенге алмаштырылсын;

62-пункттун:

- төртүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«3-тилкеде отчет берүү күнүнө карата тартылган каржылоонун калдыгы көрсөтүлөт.»;

- жетинчи абзацтагы «берилген милдеттенмелер боюнча» деген сөздөр «тартылган каржылоо, % түрүндө» дегенге алмаштырылсын;

63-пункттун:

- он экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«6-тилкеде ай ичинде каржылоо боюнча % түрүндө минималдуу үстөк баа/киреше чагылдырылат;»;

- он үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«7-тилкеде ай ичинде каржылоо боюнча % түрүндө максималдуу үстөк баа/киреше көрсөтүлөт;»;

- 64-пукттун төртүнчү абзацындагы ««Каржылоо боюнча портфель жөнүндө маалымат» деп аталган 3-бөлүктүн «Тармактар жана региондор боюнча бөлүштүрүү»» деген сөздөр «Активдер жөнүндө маалымат» деп аталган 3-бөлүктүн «Тармактар жана региондор боюнча каржылоо портфелин бөлүп көрсөтүү» дегенге алмаштырылсын;

67-пункттун:

- экинчи абзацындагы «эсептериндеги акча каражаттар» деген сөз «депозиттери» дегенге алмаштырылсын;

- бешинчи абзацындагы «акча каражаттардын» деген сөздөр «депозиттердин» дегенге алмаштырылсын;

- алтынчы абзацындагы «эсептердеги акча каражаттардын» деген сөздөр «депозиттердин» дегенге алмаштырылсын;

- алтынчы абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«8-тилкеде милдеттенмелердин мөөнөтү көрсөтүлөт.»;

- жетинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«9-тилкеде отчеттук мезгилдин акырына карата финансылык уюмга депозиттер жана инвестициялар боюнча орточо алынган үстөк баа/киреше пайыз түрүндө чагылдырылат.»;

жетинчи абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«Отчеттук мезгилдин акырына карата орточо алынган кирешелүүлүк коэффициенти, % түрүндө» деп аталган 10-тилкеде финансылык уюмга инвестициялар жана депозиттер боюнча кирешелүүлүк коэффициенти пайыз түрүндө көрсөтүлөт.

11-тилкеде милдеттенмелердин валютасы көрсөтүлөт.»;

- сегизинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«12-тилкеде алардын негизинде милдеттенмелер тартылган шарттар көрсөтүлөт.»;

- 6-бөлүктүн «З таблицасы. Уюштуруучулар/акционерлер/катышуучулар тарабынан берилген каражаттар» деген 8-параграфтын аталышындагы «З таблицасы» деген сөздөр «Ж таблицасы» дегенге алмаштырылсын;

- 70-пункту төмөнкү мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

«Эскертүү. Белгилүү бир талаптардын сакталышын камсыз кылуу максатында Улуттук банкка сунушталуучу Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчеттун

электрондук версиясында «Каталар протоколу» колдонулат. Анда каталар катталса, отчет туура эмес толтурулган катары саналат. Отчеттун «Каталар протоколу» барагында ката белгиленген шартта, ал Улуттук банк тарабынан кабыл алынбайт.»;

- Усулдук көрсөтмөлөр төмөнкү мазмундагы бөлүктөр менен толукталсын:

«8. 8-бөлүк. «МКК жана МКАнын директорлор кеңешинин, башкармасынын мүчөлөрү, негизги уюштуруучулары (акционерлери) жана Шариат кеңешинин мүчөлөрү жөнүндө маалыматтар»

71. Бул бөлүк МКК жана МКА тарабынан төмөнкү формадагы башкаруу органы (же ага теңештирилген орган) болсо, ошондой эле негизги уюштуруучулар (акционерлер) боюнча толтурулат:

- байкоо органы (директорлор кеңеши);
- аткаруу органы (башкарма, жетекчи);
- негизги уюштуруучулар (акционерлер);
- Шариат кеңеши.

72. МКК жана МКАнын байкоо органынын мүчөлөрү тууралуу маалыматта (директорлор кеңеши) төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

- байкоо органынын мүчөсүнүн аты-жөнү;
- байкоо органынын мүчөсү шайланган дата;
- байкоо органынын мүчөсү иштеген жер;
- МКК жана МКАнын байкоо органынын мүчөсүнүн кызмат орду (байкоо органынын төрагасы, төраганын орун басары, мүчөсү);
- байкоо органынын мүчөсүнүн жумуш телефонунун номери (анын ичинде шаардын/калктуу пункттун коду), байкоо органынын мүчөсүнүн уюлдук телефонунун номери (анын ичинде оператордун коду);
- байкоо органынын мүчөсүнүн компаниянын уставдык капиталындагы үлүшү/башка БФКУда акцияларга ээлик кылуу үлүшү;
- байкоо органынын мүчөсүнүн башка компаниялардын уставдык капиталындагы үлүшү/компаниялардын аталышын көрсөтүү менен башка компаниялардагы ээлик кылуу үлүшү;
- байкоо органынын мүчөсүнүн башка компаниялардын капиталына кирген датасы/башка компаниялардагы акциялар үлүшүнө ээ болуу датасы;
- байкоо органынын мүчөсүнүн кол тамгасынын үлгүсү (кагаз жүзүндө отчетто түрүндө).

73. МКК жана МКАнын аткаруу органы (башкармасы, жетекчи) тууралуу маалыматта төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

- МКК жана МКАнын аткаруу органынын мүчөсүнүн жана жетекчисинин аты-жөнү;
- МКК жана МКАнын аткаруу органынын мүчөсүнүн дайындалган датасы;
- аткаруу органынын мүчөсүнүн талапкерлиги Улуттук банк тарабынан макулдашылган датасы (Көзөмөл боюнча комитеттин чечими, макулдук кат);
- аткаруу органынын мүчөсүнүн иштеген жери;
- аткаруу органынын мүчөсүнүн кызмат орду (аткаруу органынын төрагасы, төраганын орун басары, мүчөсү);
- аткаруу органынын мүчөсүнүн жумуш телефонунун номери (анын ичинде шаардын/калктуу пункттун коду), аткаруу органынын мүчөсүнүн уюлдук телефонунун номери (анын ичинде оператордун коду);
- аткаруу органынын мүчөлөрүнүн башка компанияларда ээлеген кызмат орду/компаниялардын аталышы;
- аткаруу органынын мүчөсүнүн компаниянын уставдык капиталындагы үлүшү/башка БФКУда акцияларга ээлик кылуу үлүшү;

- аткаруу органынын мүчөсүнүн компаниялардын аталышын көрсөтүү менен башка компаниялардын уставдык капиталындагы үлүшү/башка компаниялардагы ээлик кылуу үлүшү;

- аткаруу органынын мүчөсүнүн башка компаниялардын капиталына кирген датасы/башка компаниялардагы акциялар үлүшүнүн сатып алынган датасы;

- ыйгарым укуктардын бөлүштүрүлүшү (тескөөгө алынуучу иш чөйрөлөрү)

- аткаруу органынын мүчөсүнүн кол тамгасынын үлгүсү (кагаз жүзүндө отчет түрүндө).

74. Уюштуруучулар/катышуучулар тууралуу маалыматтарда (ЖЧК жана коомдук фондулар үчүн) төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

- уюштуруучунун (катышуучунун) аты-жөнү/аталышы (юридикалык жак үчүн);

- уюштуруучунун (катышуучунун) компаниянын уставдык капиталындагы үлүшү (пайыз менен);

- уюштуруучунун (катышуучунун) капиталга кирген датасы;

- уюштуруучунун/катышуучунун жайгашкан өлкөсү (юридикалык жактар үчүн - катталган өлкөсү);

- уюштуруучунун (катышуучунун) иштеген жери/жайгашкан жери (юридикалык жак үчүн);

- ишинин түрү (башка компанияларда ээлеген кызмат орду);

- уюштуруучунун/катышуучунун жумуш телефонунун номери (анын ичинде шаардын/калктуу пункттун коду), уюштуруучунун/катышуучунун уюлдук телефонунун номери (анын ичинде оператордун коду);

- катышуу үлүшү, башка ФКУдагы акциялар;

- акыркы бенефициар;

- уюштуруучунун (катышуучунун) жана уюштуруучу (катышуучу) – юридикалык жактын жетекчисинин кол тамгасынын үлгүсү (кагаз жүзүндө отчет түрүндө).

Эскертүү: мындай маалымат жылдык отчетто же чейрек ичинде өзгөртүүлөр киргизилген учурда чейректик отчетто берилет.

75. МКК жана МКАнын 1%дан жогору акцияларына ээлик кылган (акционердик коомдор үчүн) акционерлери тууралуу маалыматта төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

- акционерлердин аты-жөнү/аталышы (юридикалык жак үчүн);

- компаниянын уставдык капиталдагы үлүшү (пайыз менен);

- акциялар сатып алынган дата;

- акционер жайгашкан өлкө (юридикалык жактар үчүн - катталган өлкөсъ);

- акционердин иштеген жери/жайгашкан жери (акционер-юридикалык жак үчүн);

- акционердин ишинин түрү (башка компанияларда ээлеген кызмат орду);

- акционердин жумуш телефонунун номери (анын ичинде шаардын/калктуу пункттун коду), акционердин уюлдук телефонунун номери (анын ичинде оператордун коду);

- башка ФКУдагы акциялары (чет өлкөлүк же жергиликтүү ФКУ жана менчик үлүшү);

- акыркы бенефициар;

- акционердин жана юридикалык жак акционердин жетекчисинин кол тамгасынын үлгүсү (кагаз жүзүндө отчет түрүндө).

Эскертүү: мындай маалымат жылдык отчетто же өзгөртүүлөр киргизилген учурда чейректик отчетто сунушталат.

76. МКК жана МКАнын Шариат кеңешинин мүчөлөрү тууралуу маалыматта төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн аты-жөнү;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн шайланган күнү;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн талапкерлиги Улуттук банк тарабынан макулдашылган датасы (Көзөмөл боюнча комитеттин чечими/макулдук кат);

- иштеген жери;

- Шариат кеңешинде ээлеген кызмат орду (Шариат кеңешинин төрагасы, төраганын орун басары, мүчөсү);

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн жумуш телефонунун номери (анын ичинде шаардын/калктуу пункттун коду), Шариат кеңешинин мүчөсүнүн уюлдук телефонунун номери (анын ичинде оператордун коду);

- башка компанияларда ээлеген кызмат орду/компаниялардын аталышы;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн компаниялардын аталышын көрсөтүү менен компаниянын уставдык капиталындагы үлүшү/башка БФКУда акцияларга ээлик кылуу үлүшү;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн компаниялардын аталышын көрсөтүү менен башка компаниялардын уставдык капиталындагы үлүшү/башка компаниялардагы ээлик кылуу үлүшү;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компаниялардын капиталына кирген датасы/башка компаниялардагы акциялар үлүшүн сатып алган датасы;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн кол тамгасынын үлгүсү (кагаз түрүндө отчетто).

9. 9-бөлүк. «МКК жана МКАнын айрым кызмат адамдары тууралуу маалымат»

77. МКК жана МКАнын айрым кызмат адамдары тууралуу маалыматта төмөнкү кызмат адамдарынын (же аларга тең кызмат ордун ээлеген адамдардын) тизмеси камтылууга тийиш:

1) башкы бухгалтер;

2) ички аудитор;

3) тобокелдик менеджери;

4) комплаенс-офицер;

5) каржылоо боюнча ишке жооптуу түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси;

6) активдерди жана пассивдерди тескөө үчүн жооптуу түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси (же болбосо функционалдык милдеттери боюнча ага теңдештирилген адам).

78. Ар бир кызмат адамы боюнча төмөнкү маалымат көрсөтүлүүгө тийиш:

- кызмат адамынын аты-жөнү;

- талапкерлиги Улуттук банк менен милдеттүү түрдө макулдашылууга тийиш болгон кызмат адамдары үчүн Улуттук банк тарабынан макулдашылган датасы (Көзөмөл боюнча комитеттин чечими/макулдук кат);

- кызмат адамына отчет берүүчү кызматкерлердин саны;

- кызмат адамынын жумуш телефонунун номери (анын ичинде шаардын/калктуу пункттун коду), кызмат адамынын уюлдук телефонунун номери (анын ичинде оператордун коду);

- кызмат адамынын кол тамгасынын үлгүсү (кагаз жүзүндө отчет түрүндө).

10. 10-бөлүк. «МКК жана МКА боюнча базалык маалымат, филиалдар/өкүлчүлүктөр/түзүмдүк бөлүмдөр (офистер) жөнүндө маалымат, туунду жана аффилирленген компаниялар, учурда иштеп жаткан комитеттер»

79. МКК жана МКА боюнча базалык маалымат төмөнкү бөлүмдөр боюнча маалыматты камтыйт:

- МКК жан МКА боюнча базалык маалымат;

- МКК жана МКАнын филиалдары/өкүлчүлүктөрү, түзүмдүк бөлүмдөр (кеңселер) жөнүндө маалымат;

- МКК жана МКАнын туунду жана аффирленген компаниялар;

- МКК жана МКАнын учурда иш алып барып жаткан комитеттер.

80. МКК жана МКА боюнча базалык маалыматта төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

- МКК жана МКАнын толук аталышы;

- МКК жана МКАнын уюштуруу-укуктук формасы;

- дареги (МКК жана МКАнын башкы кеңсеси жайгашкан айкын жана юридикалык дареги, көчө, үй номери, почта индекси);

- Улуттук банктын күбөлүгү, кошумча лицензиялары берилген күн (хронологиялык тартипте көрсөтүлөт, №, дата);

- Улуттук банктын лицензияларында жана/же МКК жана МКАнын ишинде чектөөлөрдүн белгилениши (ооба/жок);

- Улуттук банктын лицензияларында МКК жана МКАнын ишинде белгиленген чектөөлөрдүн тизмеги;

- тышкы аудит (акыркы тышкы аудит жүргүзүлгөн датасы, аудитордук уюмдун аталышы);

- МКК жана МКАнын интернеттеги веб-сайты (сайттын дарегине шилтеме);

- расмий жарыяланган байланыш: жумушчу телефон номерлери (анын ичинде шаар/калктуу пункттун коду), уюлдук телефон номери (анын ичинде оператор коду), факс, электрондук почта;

- МКК жана МКАнын кызматкерлери (кызматкерлердин жалпы саны) штаттык бирдиктерди жана мөөнөттүү эмгек келишими боюнча кызматкерлерди көрсөтүү менен;

81. МКК жана МКАнын филиалдары, өкүлчүлүктөрү, түзүмдүк бөлүмдөрү (кеңселер) жөнүндө төмөнкү маалыматтарды камтыйт:

- МКК жана МКАнын филиалдарынын, өкүлчүлүктөрүнүн, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, кеңселеринин саны;

- МКК жана МКАнын филиалдарынын, өкүлчүлүктөрүнүн, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, кеңселеринин аталыштары;

- МКК жана МКАнын филиалдарынын, өкүлчүлүктөрүнүн, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, кеңселеринин даректери;

- МКК жана МКАнын филиалдарынын, өкүлчүлүктөрүнүн, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, кеңселеринин жетекчилеринин фамилиясы, аты жана атасынын аты.

82. МКК жана МКАнын ар бир туунду жана аффирленген компаниялары тууралуу маалыматта төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

- туунду жана афирленген компаниянын аталышы;

- туунду жана афирленген компаниянын жайгашкан өлкөсү;

- туунду жана афирленген компаниянын ишинин түрү;

- компаниянын туунду жана аффилирленген компаниялардагы үлүшү, пайыздык катышта;

- туунду жана аффилирленген компаниялардагы башка уюштуруучулардын/акционерлердин үлүшү жана аталышы;

- туунду жана аффилирленген компанияларга карата стратегиялык пландар.

83. Ар бир иштеп жаткан МКК жана МКАнын комитети үчүн төмөнкү маалыматтар камтылууга тийиш:

- комитеттин аталышы;

- комитеттин мүчөлөрүнүн курамы (аты-жөнү), комитетте ээлеген кызматы;

- МКК жана МКАда кызмат орду;

- Улуттук банк тарабынан макулдашылган дата (Көзөмөл боюнча комитеттин чечими, макулдук кат).

Эскертүү: Башка бөлүктөрдө берилген маалымат ушул бөлүктө берилген маалыматка шайкеш келиши керек. Улуттук банк отчетко байланыштуу бардык башка маселелер боюнча ушул бөлүктө келтирилген маалыматтарды колдонот.».

3) Жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн:

1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«1. Бул усулдук көрсөтмөдө «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан кредиттик союздардын (мындан ары – Кредиттик союз) мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө»

жобого карата тиркемелердин төмөнкү бөлүктөрүн толтуруу тартибине түшүндүрмө берилет:

1) титулдук барак;

2) «Финансылык абалы жөнүндө регулятивдик отчет» деп аталган 1-бөлүк;

3) «Кирешелер жана чыгашалар жөнүндө отчет» деп аталган 2-бөлүк;

4) «Каржылоо портфели боюнча маалымат» деп аталган 3-бөлүк;

5) «Кредиттик союздун ири кардарлары жөнүндө маалымат» деп аталган 4-бөлүк;

6) «Кредиттик союздун ири проблемалуу кардарлары жөнүндө маалымат» деп аталган 5-бөлүк;

7) «Кредиттик союздун каражаттарды тартуу операциялары боюнча отчет» деп аталган 6-бөлүк;

8) «Башка маалыматтар» деп аталган 7-бөлүк;

9) «Кредиттик союздун экономикалык ченемдеринин сактоо тууралуу маалымат» деп аталган 8-бөлүк;

10) «Кредиттик союздун байкоо кеңешинин, башкармасынын мүчөлөрү, катышуучулары (пай ээси) жана Шариат кеңешинин мүчөлөрү тууралуу маалымат» деп аталган 9А бөлүк.

11) «Кредиттик союздун айрым кызмат адамдары тууралуу маалымат» деп аталган 9 Б бөлүк.

12) «Кредиттик союз боюнча негизги маалымат (филиалдар жөнүндө маалымат, иштеп жаткан комитеттер, туунду жана аффилирленген компаниялар)» деп аталган 9 В бөлүк.

Бардык сумма миң сом түрүндө көрсөтүлүүгө тийиш (чет өлкө валютасындагы суммалар Улуттук банктын отчеттук датага карата расмий курсу боюнча сом эквивалентинде көрсөтүлөт).»;

- «Финансылык абал жөнүндө отчет» деп аталган 1-бөлүктүн аталышында «отчет» деген сөз «регулятивдик отчет» дегенге алмаштырылсын;

- 5-пунктта «отчетто» деген сөздөр «Регулятивдик отчетто» дегенге алмаштырылсын;

- 8-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«8. «Акча каражаттары» деп аталган 1-статьяда Кредиттик союздун кассасындагы нак акча каражаттары көрсөтүлөт.

«Эсептешүү эсептери» деп аталган 2-статьяда коммерциялык банктарда эсептешүү эсептеринде турган акча каражаттары көрсөтүлөт.

«ФКУдагы, анын ичинде банктардагы депозиттер» деп аталган 3-статьяда Кредиттик союзга киреше алып келген жана белгиленген төлөө мөөнөтүнө ээ коммерциялык банктарда жайгаштырылган Кредиттик союздун каражаттары көрсөтүлөт.

«Төлөөгө чейин кармалып туруучу карыздык баалуу кагаздар» деп аталган 4-статьяда Кредиттик союз төлөө мөөнөтүнө чейин ээлик кылууга ниеттенген жана ээлик кылууга жөндөмдүү карыздык баалуу кагаздар көрсөтүлөт.

«Сатууга жарактуу карыздык жана капиталдык баалуу кагаздар» деп аталган 5-статьяда кыска мөөнөт ичинде сатуу максатын көздөөсүз сатылып алынган, бирок төлөөгө чейин сатылышы мүмкүн болгон карыздык жана капиталдык баалуу кагаздар чагылдырылат. Сатууга жарактуу баалуу кагаздар – бул Кредиттик союз тарабынан сатылып алынган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мамлекеттик казына векселдери, мында Улуттук банк тарабынан лицензияланган башка ФКУнун капиталдык баалуу кагаздары эске алынбайт. Кредиттик союз тарабынан сатылып алынган баалуу кагаздар шариат стандарттарына ылайык келүүгө тийиш.

«Бардыгы болуп ликвиддүү активдер» деп аталган 6-статьяда 1ден 5ке чейинки статьялардын маанилеринин суммасы көрсөтүлөт.

«Каржылоо» деп аталган 7-статьяда Кредиттик союз тарабынан өз катышуучуларына сунушталган каржылоо көрсөтүлөт.

«(Минус) Каржылоо боюнча атайын РППУ» деп аталган 8-статьяда Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 28-декабрындагы № 2020-П-33/75-4-(НФКУ) токтому менен бекитилген «Банк эмес финансы-кредит уюмдары тарабынан активдерди классификациялоо, потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга кам түзүү жөнүндө» жобонун талаптарына ылайык түзүлгөн классификацияланган активдер боюнча атайын РППУнун суммасы көрсөтүлөт.

«Бардыгы болуп: таза каржылоо» деп аталган 9-статьяда 7 жана 8-статьялар ортосундагы маанилердин айырмасы көрсөтүлөт.

«Кардарларга андан ары өткөрүп берүү үчүн активдер/инвентарь» деп аталган 10-статьяда Кредиттик союз тарабынан кардарларга андан ары өткөрүп берүү үчүн сатылып алынган, анын ичинде мурабаха жана иджара/иджара мунтахийя биттамлик келишимдери боюнча сатылып алынган имараттардын, башка курулмалардын, эмеректердин, жабдуулардын жана башка активдердин/инвентардын наркы көрсөтүлөт. Маалыматтар кыймылдуу жана кыймылсыз мүлккө бөлүп көрсөтүү менен чагылдырылат.

«Бардыгы болуп, негизги каражаттар» деп аталган 11-статьяда имараттарга, эмеректерге, кеңсе жабдууларына, компьютерлерге, автоунааларга жана бүткөрүлө элек курулушка салымдар көрсөтүлөт. 11-статья өзүнө ошондой эле кайтарымсыз негизде грант түрүндө алынган негизги каражаттарды камтыйт. Негизги каражаттардын наркы топтолгон амортизациянын суммасына азаят (минуска чыгаруу менен).

«Бардыгы болуп, башка менчик:» деп аталган 12-статьяда төмөнкүлөр боюнча маалыматтар көрсөтүлөт:

а) алынган каржылоонун ордун жабуу үчүн кабыл алынган кардардын кыймылсыз мүлкү – күрөөлүк мүлккө менчик укугу Кредиттик союзга өтүшүнүн натыйжасында Кредиттик союздун балансына кабыл алынган кыймылсыз мүлк чагылдырылат;

б) сунушталган каржылоонун ордун жабууга кабыл алынган кардардын башка мүлкү – күрөөлүк мүлккө менчик укугу Кредиттик союзга өтүшүнүн натыйжасында Кредиттик союздун балансына кабыл алынган кардардын башка мүлкү (кыймылсыз мүлктөн тышкары) чагылдырылат.

«Инвестициялар жана финансылык катышуу» деп аталган 13-статьяда Улуттук банк тарабынан лицензияланган жана жөнгө салынган ФКУнун капиталына салынган инвестициялар көрсөтүлөт.

«Бардыгы болуп, алууга чегерилген кирешелер:» деп аталган 14-статьяда өзүнчө тиешелүү саптарда чагылдырылуучу төмөнкү а)-г) кичи статьялар боюнча маалыматтар чагылдырылат:

а) банктарда жана башка ФКУдагы депозиттер боюнча – банктарда жана башка ФКУда ачылган депозиттери боюнча алууга чегерилген кирешелер чагылдырылат.

б) каржылоо боюнча – катышуучуларга берилген каржылоо боюнча алууга чегерилген кирешелер чагылдырылат;

в) төлөөгө чейин кармалып туруучу баалуу кагаздар боюнча – төлөөгө чейин кармалып туруучу сатылып алынган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген кирешелер чагылдырылат;

г) сатуу үчүн жарактуу баалуу кагаздар боюнча – сатуу үчүн жарактуу сатылып алынган баалуу кагаздар боюнча алууга чегерилген кирешелер көрсөтүлөт.

«Бардыгы болуп башка активдер:» деп аталган 15-статьяда жогорудагы статьяларда эске алынбаган башка активдер көрсөтүлөт: комиссиялык төлөм, алдын ала төлөө, келечектеги чыгашалар, алууга каралган эсептер, пайдаланууга берилген аз баалуу жана тез эскирүүчү буюмдар, товардык-материалдык запастар, материалдык эмес активдер, ижарага алынган менчикти жабдууга капиталдык салымдар жана башкалар.

«Бардыгы болуп активдер» деп аталган 16-статьяда 6, 9-15-статьялардын маанилеринин суммасы көрсөтүлөт.

Системадан тышкаркы эсептерде системадан тышкары эсепке алынган маалыматтар көрсөтүлөт: эсептен алынып салынган каржылоо, классификацияланган активдер боюнча

үстөк баа/киреше, сатылуучу таза нарк боюнча башка мүлк жана классификацияланган активдер боюнча милдеттенмелер аткарылбагандыгы үчүн төлөөлөр (туум).»;

9-пунктта:

- биринчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«9. «Кард келишими боюнча талап боюнча төлөнүүчү депозиттер» деп аталган 1-статьяда Кредиттик союздун катышуучуларынын талап боюнча төлөнүүчү депозиттериндеги акча каражаттары чагылдырылат.»;

- экинчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Мудараба келишими боюнча мөөнөттүү депозиттер» деп аталган 2-статьяда Кредиттик союздун катышуучуларынын мөөнөттүү депозиттердеги акча каражаттары төмөнкүлөргө бөлүп көрсөтүү менен чагылдырылат:»;

- үчүнчү абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«а) чектелген мудараба келишими боюнча мөөнөттүү депозиттер;»;

- төртүнчү абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«б) чектелбеген мудараба келишими боюнча мөөнөттүү депозиттер.»;

- он алтынчы абзацта «эсептери» деген сөз «депозиттери» дегенге алмаштырылсын;

- «Пайда жана чыгым жөнүндө отчет» деген 2-бөлүктүн аталышында «Пайда жана чыгым» деген сөздөр «Кирешелер жана чыгашалар» дегенге алмаштырылсын;

11-пункттун:

- экинчи абзацында «Операциялар боюнча алынган кирешелер» деген сөздөрдөн кийин «(суммасы-ст. а)-в))» деген сөздөр жана тамгалар менен толукталсын;

- үчүнчү абзацындагы «(баалуу кагаздар боюнча)» деген сөздөр алып салынсын;

- төртүнчү абзацында «финансы-кредит уюмдарындагы» деген сөздөр «ФКУдагы» деген аббревиатурага алмаштырылсын;

- бешинчи абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Тартылган инвестициялар боюнча кирешелер» деп аталган 2-статьяда отчеттук мезгилде тартылган инвестициялар боюнча КСнын алынган кирешеси көрсөтүлөт.»;

- алтынчы абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Операциялар боюнча тарткан чыгашалар» деп аталган 3-статьяда Кредиттик союздун отчеттук мезгил ичинде тарткан чыгашалары чагылдырылат жана 4, 5 жана 6- статьялардын суммалары камтылат.»;

- жетинчи абзацта «3» деген сан «4» дегенге алмаштырылсын;

- сегизинчи абзацта «4» деген сан «5» дегенге алмаштырылсын;

- тогузунчу абзацта «5» деген сан «6» дегенге алмаштырылсын;

- онунчу абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Таза киреше» деп аталган 7-статьяда 1 жана 2-статьялардын суммасы 3-статьяны алып салуу менен көрсөтүлөт.»;

- он биринчи абзацта «7» деген сан «8» дегенге алмаштырылсын;

- он экинчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«РППУга чегерилгенден кийинки таза киреше» деп аталган 9-статьяда 7 жана 8-статьялардын ортосундагы айырма көрсөтүлөт.»;

- он үчүнчү абзацта «9» деген сан «10» деген санга алмаштырылсын;

- он тогузунчу абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Башка операциялардан тарткан чыгашалар» деп аталган 11-статьяда Кредиттик союздун отчеттук мезгил ичинде тарткан операциялык чыгашалары чагылдырылат жана анда 12-20-статьялардын суммасы камтылат.»;

- жыйырманчы абзацта «11» деген сан «12» дегенге алмаштырылсын;

- жыйырма биринчи абзацта «11-а)» деген сан «12-а)» дегенге алмаштырылсын;

- жыйырма экинчи абзацта «12» деген сан «13» дегенге алмаштырылсын;

- жыйырма үчүнчү абзацта «13» деген сан «14» дегенге алмаштырылсын;

- жыйырма төртүнчү абзацта «14» деген сан «15» дегенге алмаштырылсын;

- жыйырма бешинчи абзацта «15» деген сан «16» дегенге алмаштырылсын;

- жыйырма сегизинчи абзацта «16» деген сан «17» дегенге алмаштырылсын;

- жыйырма сегизинчи абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Такафул» деп аталган 18-статьяда (такафул) камсыздандырууга байланышкан чыгымдар көрсөтүлөт.»;

- 29-абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Пайда салыгынан тышкары, салыктар» деп аталган 19-статьяда кошумча нарк салыгы (КНС төлөөчүлөр гана сатып алган материалдык ресурстар үчүн эсепке алуу каралбаган кошумча нарк) жана башка салыктар.»;

- отузунчу абзацта «18» деген сан «20» дегенге алмаштырылсын;

- отуз биринчи абзацта «19» деген сан «21» дегенге алмаштырылсын;

- отуз экинчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Таза операциялык киреше (чыгым)» деп аталган 22-статьяда 11-статьяны минуска чыгаруу менен 9 жана 10-статьялардын суммасы чагылдырылат.»;

- отуз үчүнчү абзацта «21» деген сан «23» дегенге алмаштырылсын;

- отуз төртүнчү абзацта «22» деген сан «24» дегенге алмаштырылсын;

- отуз бешинчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Таза киреше (чыгым)» деп аталган 25-статьяда 22, 23 жана 24-статьялардын ортосундагы айырма көрсөтүлөт.»;

14-пунктта:

- экинчи абзац алып салынсын;

- үчүнчү абзацта «10» деген сан «7» дегенге алмаштырылсын;

- төртүнчү абзацта «13» деген сан «10» дегенге алмаштырылсын;

- бешинчи абзацта «14» деген сан «11» дегенге алмаштырылсын;

- 15-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«15. «Статьянын аталышы» деп аталган 2-тилкеде сунушталган каржылоонун багыты көрсөтүлөт.

«Бардыгы болуп активдер» деп аталган 3-тилкенин мааниси 6, 7.1, 7.2, 9.1, 9.2, 10, 11-тилкелеринин маанилеринин суммасына барабар болууга тийиш.

«Дисконт» деп аталган 4-тилкеде бардык каржылоо операциялары боюнча амортизацияланбаган дисконттун өлчөмү көрсөтүлөт.

«Бардыгы болуп камдар» деп аталган 5-тилкеде активдердин жана баланстан тышкаркы милдеттенмелердин ар бир түрү үчүн РППУнун (жалпы жана атайынн) өлчөмү көрсөтүлөт. 5-тилкенин мааниси 8 жана 12-тилкелердин маанилеринин суммасына барабар болууга тийиш.

8 жана 12-тилкелерде РППУнун өлчөмү жалпы жана атайынн камдар түрүнө бөлүп көрсөтүү менен чагылдырылат.

6, 7, 7.1, 7.2, 9, 9.1, 9.2, 10 жана 11-тилкелерде активдердин жана баланстан тышкаркы милдеттенмелердин категориялары «стандарттыктан» «жоготууларга» чейин классификацияланышына жараша чагылдырылат.

13 жана 14-тилкелерде отчеттук мезгилдин акырына карата орточо алынган үстөк баа/киреше жана кирешелүүлүк коэффициенти көрсөтүлөт. Үстөк баа/киреше ушул усулдук көрсөтмөлөрдүн 16-пунктунда көрсөтүлгөн тартипте эсептелинет.»;

20-пунктта:

- алтынчы абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«15 жана 16-тилкелерде орточо салмактанып алынган үстөк баа/чыгаша, % менен жана отчеттук мезгилдин акырына карата кирешелүүлүктүн коэффициенти, % менен көрсөтүлөт.

17 жана 18-тилкелерде негизги карыз боюнча мөөнөтү өтүп кеткен төлөмдүн суммасы жана үстөк/киреше боюнча мөөнөтү өтүп кеткен төлөмдүн суммасы көрсөтүлөт.»;

21-пункттун алтынчы абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Үстөк баа/киреше, % менен» деп аталган 6-тилкеде каржылоо келишимине ылайык сунушталган каржылоо боюнча жылдык үстөк баа/киреше көрсөтүлөт.»;

- 22-пункттун төртүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Телефон» деп аталган 4-тилкеде Кредиттик союздун кардарынын байланыш телефону көрсөтүлөт.»;

25-пунктта:

- биринчи абзацта «2» деген сан «1» дегенге алмаштырылсын;
- экинчи абзацта «3» деген сан «4» дегенге алмаштырылсын;
- үчүнчү абзацта «4» деген сан «5» дегенге алмаштырылсын;
- төртүнчү абзацта «5» деген сан «6» дегенге алмаштырылсын;
- бешинчи абзацта ««Үстөк баа/киреше» деп аталган 6-тилкеде» деген сөздөр «Үстөк баа/киреше, % менен» деп аталган 7-тилкеде» дегенге алмаштырылсын;
- алтынчы абзацта «Кирешелүүлүк коэффициенти» деп аталган 7-тилкеде» деген сөздөр ««Кирешелүүлүк коэффициенти, % менен» деп аталган 8-тилкеде» дегенге алмаштырылсын;
- жетинчи абзацта «8» деген сан «9» дегенге алмаштырылсын;
- сегизинчи абзацта «9» деген сан «10» дегенге алмаштырылсын;
- тогузунчу абзацта «10» деген сан «11» дегенге алмаштырылсын;
- онунчу абзацта ««Үстөк баа/киреше» деп аталган 11-тилкеде» деген сөздөр «Үстөк баа/киреше, % менен» деп аталган 12-тилкеде» дегенге алмаштырылсын;
- он биринчи абзацта «Кирешелүүлүк коэффициенти» деп аталган 12-тилкеде» деген сөздөр «Кирешелүүлүк коэффициенти, % менен» деп аталган 13-тилкеде» дегенге алмаштырылсын;
- он экинчи абзацта «13» деген сан «14» дегенге алмаштырылсын;
- он үчүнчү абзацта «14» деген сан «15» дегенге алмаштырылсын;
- он төртүнчү абзацта «15» деген сан «16» дегенге алмаштырылсын;
- он бешинчи абзацта «16» деген сан «17» дегенге алмаштырылсын;
- он алтынчы абзацта «Үстөк баа/киреше» деп аталган 17-тилкеде» деген сөздөр ««Үстөк баа/киреше, % менен» деп аталган 18-тилкеде»» дегенге алмаштырылсын;
- он алтынчы абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«Кирешелүүлүк коэффициенти, % менен» деп аталган 19-тилкеде кошумча макулдашуу боюнча реструктуризацияланган активдин кирешелүүлүк коэффициенти көрсөтүлөт.

«Мөөнөтү» деп аталган 20-тилкеде кошумча маалымат боюнча реструктуризацияланган активдин иштөө мөөнөтү көрсөтүлөт.»;

- 6-бөлүктүн аталышы төмөнкү редакцияда берилсин:

«6. «Кредиттик союздун аманат (депозит) операциялары боюнча отчет» деп аталган 6-бөлүк.»;

- 6-бөлүктүн «Мөөнөттөрү боюнча бөлүп көрсөтүү менен эсепке кабыл алынган акча каражаттарынын көлөмү» деп аталган 1-параграфынын аталышы төмөнкү редакцияда берилсин:

«§ 1. «Мөөнөттөргө бөлүү менен кабыл алынган депозиттердин көлөмү» деп аталган А бөлүкчөсү»;

26-пунктта:

- биринчи абзацта «эсептеринде жайгаштырылган акча каражаттары» деген сөздөр «кабыл алынган депозиттердин суммасы» дегенге алмаштырылсын;
- экинчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Мөөнөттүү» деп аталган тилкеде Кредиттик союздун кардарларынын кабыл алынган депозиттеринин суммасы 2ден 6га чейинки графаларда көрсөтүлгөн мөөнөттөргө жараша чагылдырылат.»;

- үчүнчү абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бардыгы болуп» деп аталган 7-тилкеде талап боюнча төлөнүүчү жана мөөнөттүү депозиттердин суммасы көрсөтүлөт.»;

6-бөлүктүн 2-параграфынын «Суммалары боюнча бөлүп көрсөтүү менен эсепке кабыл алынган акча каражаттарынын көлөмү» деп аталган Б бөлүкчөсүнүн аталышы төмөнкү редакцияда берилсин:

«§ 2. «Суммалары боюнча бөлүп көрсөтүү менен кабыл алынган депозиттердин көлөмү» деп аталган Б бөлүкчөсү»;

27-пунктта:

- биринчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«27. «Талап боюнча» деп аталган тилкеде Кредиттик союздун кардарларынын талап боюнча төлөнүүчү депозиттеринин суммасы 2ден 6га чейинки графаларда көрсөтүлгөн өлчөмдөргө жараша чагылдырылат.»;

- экинчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Мөөнөттүү» деп аталган тилкеде Кредиттик союздун кардарларынын кабыл алынган депозиттеринин суммасы 2ден 6га чейинки графаларда көрсөтүлгөн өлчөмдөргө жараша көрсөтүлөт.»;

- үчүнчү абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бардыгы болуп» деп аталган 6-тилкеде талап боюнча төлөнүүчү жана мөөнөттүү депозиттердин суммасы чагылдырылат.»;

- 6-бөлүктүн 3-парагарафынын «Отчеттук ай ичинде эсепке кабыл алынган акча каражаттарынын жылышы» деп аталган В бөлүкчөсүнүн аталышындагы «эсепке кабыл алынган акча каражаттарынын» деген сөздөр «депозиттердин» дегенге алмаштырылсын;

28-пунктта:

- биринчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«28. «Башына карата калдык» деп аталган 2-тилкеде отчеттук мезгилдин башына карата депозиттердин калдыктарынын суммасы мөөнөттүү жана талап боюнча төлөнүүчү депозиттерди бөлүп көрсөтүү менен чагылдырылат.»;

- экинчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Кабыл алынган» деп аталган 3-тилкеде отчеттук мезгил ичинде кабыл алынган депозиттердин суммасы мөөнөттүү жана талап боюнча төлөнүүчү депозиттерди бөлүп көрсөтүү менен көрсөтүлөт.»;

- үчүнчү абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Кайтарылган» деп аталган 4-тилкеде отчеттук мезгил ичинде кайтарылган депозиттердин суммасы мөөнөттүү жана талап боюнча төлөнүүчү депозиттерди бөлүп көрсөтүү менен чагылдырылат.»;

- төртүнчү абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Акырына карата калдык» деп аталган 5-тилкеде отчеттук мезгилдин акырына карата депозиттердин калдыгынын суммасы мөөнөттүү жана талап боюнча төлөнүүчү депозиттерди бөлүп көрсөтүү менен чагылдырылат.»;

- 6-бөлүктүн 4-параграфынын «Минималдуу жана максималдуу эсептердин өлчөмдөрү» деп аталган Г бөлүкчөсүнүн аталышында «эсептердин» деген сөз «депозиттердин» дегенге алмаштырылсын;

29-пункттун биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«29. Бул бөлүкчөдө Кредиттик союздун кардарларынын талап боюнча төлөнүүчү жана мөөнөттүү депозиттердин минималдуу жана максималдуу өлчөмдөрү боюнча маалыматтар чагылдырылат.»;

- 6-бөлүктүн 5-параграфынын «Эсептерге кабыл алынуучу акча каражаттары боюнча кирешелүүлүк чени» деп аталган Д бөлүкчөсүнүн аталышындагы «Эсептерге кабыл алынуучу акча каражаттары» деген сөздөр «Тартылган депозиттер» дегенге алмаштырылсын;

30-пунктта:

- биринчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«30. «Талап боюнча» деп аталган тилкеде Кредиттик союздун кардарларынын талап боюнча төлөнүүчү депозиттер боюнча кирешелүүлүк чендери 2ден 6га чейинки графаларда көрсөтүлгөн мөөнөттөргө жараша көрсөтүлөт, ошондой эле орточо алынган кирешелүүлүк чени отчеттук мезгилдин акырына карата пайыздарда чагылдырылат.»

- экинчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Мөөнөттүү» деп аталган тилкеде Кредиттик союздун кардарларынын мөөнөттүү депозиттер боюнча кирешелүүлүк чендери 2ден 6га чейинки графаларда көрсөтүлгөн мөөнөттөргө жараша көрсөтүлөт, ошондой эле орточо алынган кирешелүүлүк чени отчеттук мезгилдин акырына пайыздарда чагылдырылат.»;

- 7-бөлүктүн 1-параграфынын «Отчеттук мезгил ичиндеги каржылоо операциялары жөнүндө маалымат» деп аталган А бөлүкчөсүнүн аталышы төмөнкү редакцияда берилсин:

«§ 1. «Отчеттук мезгил ичиндеги каржылоо жөнүндө маалымат» деп аталган А бөлүкчөсү»;

32-пунктунда «ошондой эле мезгилдин акырына карата» деген сөздөр «ошондой эле отчеттук мезгилдин акырына карата» дегенге алмаштырылсын;

- 7-бөлүктүн 3-параграфынын «Каржылоону алган катышуучулар, кардарлар жана Кредиттик союздун эсептерине акча каражаттары тартылган кардарлар» деп аталган В бөлүкчөсүнүн аталышы төмөнкү редакцияда берилсин:

«§ 3. «Каржылоону алган катышуучулар, кардарлар жана аманатчылар» деп аталган В бөлүкчөсү»;

33-пунктунда «Кредиттик союздун эсептерине акча каражаттары тартылган кардарлардын» деген сөздөр «Кредиттик союздун аманатчыларынын» дегенге алмаштырылсын;

34-пунктунда «каржылоонун» деген сөздөн кийин «жана депозиттердин» деген сөздөр менен толукталсын;

35-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«35. Бул бөлүкчөдө Кредиттик союздун юридикалык жана айкын дареги, анын иштеп жаткан аймагы, ошондой эле телефон (факс) номери жана электрондук дареги көрсөтүлөт.»;

36-пункттун үчүнчү абзацында «2) 30 күн жана андан ашык» деген сөздөр жана сандар «2) 30 күнгө чейин» дегенге алмаштырылсын;

- 38-пункттун экинчи абзацында «эсептериндеги акча каражаттары» деген сөздөр «депозиттери» дегенге алмаштырылсын;

- 7-бөлүктүн 10-параграфынын «ФКУ менен ишке ашырылган операцияларды жана инвестицияларды чечмелөө» деп аталган К бөлүкчөсүнүн аталышы төмөнкү редакцияда берилсин:

«§ 10. «ФКУ менен ишке ашырылган операцияларды жана инвестицияларды чечмелөө» деп аталган К бөлүкчөсү»;

40-пунктта:

- экинчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«3-тилкеде депозиттер же инвестициялар жайгаштырылган ишканалардын аталышы чагылдырылат.»;

- үчүнчү абзацта «акча каражаттарынын» деген сөздөр «депозиттердин» дегенге алмаштырылсын;

- төртүнчү жана бешинчи абзацтарда «эсептердеги акча каражаттарынын» деген сөздөр «депозиттердин» дегенге алмаштырылсын;

- алтынчы абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«8-тилкеде аткаруу мөөнөтү көрсөтүлөт.»;

- жетинчи абзацта «8» деген сан «9» дегенге алмаштырылсын;

- сегизинчи абзацта «9» деген сан «10» дегенге алмаштырылсын;

- сегизинчи абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«11 жана 12-тилкеде тиешелүүлүгүнө жараша депозиттин жана инвестициянын валютасы жана шарттары көрсөтүлөт.»;

41-пунктта:

- төртүнчү абзацта «финансы-кредит уюмдарынын» деген сөздөр «ФКУнун» дегенге алмаштырылсын;

- алтынчы абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«5) ликвиддүүлүк ченеми (Н5-1);»;

- алтынчы абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«6) ликвиддүүлүк ченеми (Н5-2);»;

- жетинчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«7) институционалдык капиталдын шайкештик ченеми (Н6-1);»

- сегизинчи абзацта «7)» деген сан «8)» дегенге алмаштырылсын;

- тогузунчу абзацта «8)» деген сан «9)» дегенге алмаштырылсын;

- он экинчи абзацта «иш алып баруу» деген сөздөр «аракеттер» дегенге алмаштырылсын;

- 42-пункт жокко чыгарылсын;

- Усулдук көрсөтмөлөр төмөнкү мазмундагы бөлүктөр менен толукталсын:

«9. «КСтин байкоо кеңешинин, башкармасынын мүчөлөрү, катышуучулар (пай ээлери) жана Шариат кеңешинин мүчөлөрү жөнүндө маалымат» деп аталган 9А бөлүк.

43. Кредиттик союздун байкоо органынын мүчөлөрү (эгерде бар болсо) жөнүндө маалыматтар төмөнкү маалыматтарды камтууга тийиш:

- байкоо органынын мүчөсүнүн аты-жөнү;

- байкоо органынын мүчөсүнүн шайланган датасы;

- Улуттук банк менен макулдашылган датасы;

- байкоо органынын мүчөсүнүн иштеген жери;

- КСтин байкоо органынын мүчөсүнүн кызмат орду;

- байкоо органынын мүчөсүнүн иштеген жеринин, (анын ичинде шаардын/калктуу пункттун коду) уюлдук телефонунун номери (анын ичинде оператордун коду);

- байкоо органынын мүчөсүнүн үлүштүк капиталдан үлүшү;

- байкоо органынын мүчөсүнүн башка компаниялардын уставдык капиталынан үлүшү/ башка компаниялардагы ээлик кылуу үлүшү, компаниялардын аталышын көрсөтүү менен;

- байкоо органынын мүчөсүнүн башка компаниялардын капиталына кирген датасы/ башка компаниялардагы акциялар үлүшүн сатып алган датасы;

- байкоо органынын мүчөсүнүн кол тамгасынын үлгүсү (кагаз түрүндө отчетто).

44. КСтин аткаруу органынын (башкармасы, жетекчиси) мүчөлөрү тууралуу маалыматта төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

- аткаруу органынын мүчөсүнүн аты-жөнү;

- башкарманын төрагасынын, башкарманын мүчөсүнүн же жетекчисинин милдетин аткаруучу болуп дайындалган датасы;

- КСтин аткаруу органынын мүчөлөрүнүн талапкерлиги Улуттук банк менен макулдашылган датасы;

- аткаруу органынын мүчөсүнүн иштеген жери;

- КСтин аткаруу органынын мүчөсүнүн кызмат орду;

- аткаруу органынын мүчөсүнүн иштеген жеринин, уюлдук телефонунун номери (шаардын/калк жашаган конуштун кодун кошо көрсөтүү менен);

- аткаруу органынын мүчөсүнүн башка компанияларда ээлеген кызматы, компаниялардын аталышын көрсөтүү менен;

- аткаруу органынын мүчөсүнүн КСтин өздүк капиталынан сактык пайынын үлүшү;

- аткаруу органынын мүчөсүнүн башка компаниялардын уставдык капиталындагы үлүшү/башка компаниялардагы ээлик кылуу үлүшү, компаниялардын аталышын көрсөтүү менен;

- аткаруу органынын мүчөсүнүн башка компаниялардын капиталына кирген датасы/башка компаниялардагы акциялардын үлүшүн сатып алган датасы;

- ыйгарым укуктардын бөлүштүрүлүшү (тескөөгө алынгын иш чөйрөлөрү);

- аткаруу органынын мүчөсүнүн кол тамгасынын үлгүсү (кагаз жүзүндө отчет түрүндө).

45. 5%дан ашыкка ээлик кылган катышуучулар (пай ээлери) жөнүндө маалымат төмөнкү маалыматтарды камтууга тийиш:

- катышуучунун/пай ээсинин аты-жөнү;

- КСтин өздүк капиталынан катышуучунун/пай ээсинин үлүшү, пайыздык туюндуруу менен;

- үлүштүк капиталга кирген датасы;

- катышуучунун/пай ээлеринин чыккан өлкөсү;

- катышуучунун/пай ээлеринин иштеген жери;

- иштин түрү (башка компанияларда ээлеген кызматы);

- катышуучунун/пай ээсинин жумуш телефонунун номери (анын ичинде шаардын/калктуу пункттун коду), катышуучунун/пай ээлеринин уюлдук телефонунун номери (анын ичинде оператордун коду);

- башка ФКУда катышуу үлүшү, акциялар үлүшү;

- акыркы бенефициар;

- катышуучунун/пай ээсинин кол тамгасынын үлгүсү (кагаз жүзүндө отчет түрүндө).

46. Шариат кеңешинин мүчөлөрү тууралуу маалыматта төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн аты-жөнү;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн шайланган датасы;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн талапкерлиги Улуттук банк менен макулдашылган датасы (Көзөмөл боюнча комитеттин чечими/макулдук кат);

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн иштеген жери;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн кызмат орду (Шариат кеңешинин төрагасы, төраганын орун басары, мүчөсү);

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн жумуш телефонунун номери (анын ичинде шаардын/калктуу пункттун коду), Шариат кеңешинин мүчөсүнүн уюлдук телефонунун номери (анын ичинде оператордун коду);

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компанияларда ээлеген кызматы/компаниялардын аталышы;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн КСтин үлүштүк капиталынан сактык пайынын үлүшү;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компаниялардын уставдык капиталынан үлүшү/башка компанияларда ээлик кылуу үлүшү, компаниялардын аталышын көрсөтүү менен;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компаниялардын капиталына кирген датасы/ Шариат кеңешинин мүчөсүнүн башка компаниялардагы акциялар үлүшүн сатып алган датасы;

- Шариат кеңешинин мүчөсүнүн кол тамгасынын үлгүсү (кагаз түрүндө отчетто).»;

«КСтин айрым кызмат адамдары жөнүндө маалымат» деп аталган 9Б бөлүк

47. Кредиттик союздун айрым кызмат адамдары жөнүндө маалыматтар төмөнкү кызмат адамдарынын тизмесин камтыйт:

1) ички аудитор/ревизиялык комиссиянын мүчөлөрү;

2) тобокелдик-менеджери;

3) комплаенс-офицер;

4) активдерди жана пассивдерди тескөө үчүн жооптуу түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси (же өз функционалдык милдеттери боюнча ага теңештирилген адам);

5) башкы бухгалтер;

6) ислам принциптери боюнча каржылоо үчүн жооптуу түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси;

Ар бир кызмат адамы боюнча төмөнкү маалымат көрсөтүлүүгө тийиш:

- КСтин кызмат адамынын аты-жөнү;
- талапкерлиги Улуттук банк тарабынан милдеттүү түрдө бекитилүүгө тийиш болгон кызмат адамдары үчүн Улуттук банк тарабынан макулдашылган дата (Көзөмөл боюнча комитеттин чечими/макулдук кат);
- кызмат адамына отчет берүүчү кызматкерлердин саны;
- кызмат адамынын жумуш телефонунун номери (анын ичинде шаардын/калктуу пункттун коду), кызмат адамынын уюлдук телефонунун номери (анын ичинде оператордун коду);
- кол тамгасынын үлгүсү (кагаз жүзүндө отчет түрүндө).»;

«КС боюнча базалык маалымат, (филиалдар, туунду жана аффилирленген компаниялар, учурда иштеп жаткан комитеттер жөнүндө маалымат» деп аталган 9В бөлүк

48. КС боюнча базалык маалыматта төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

- КСтин толук аталышы;
- КСтин уюштуруу – укуктук формасы;
- дареги (иш жүзүндөгү жана юридикалык дареги, КСтин башкы кеңсеси жайгашкан шаар, көчө, үйдүн номери, почта индекси);
- Улуттук банктын күбөлүктөрү, лицензиялары, кошумча лицензиялары берилген дата (хронологиялык тартипте көрсөтүлөт, №, дата);
- Улуттук банктын күбөлүктөрүндө/лицензияларында чектөөлөрдүн болушу (ооба/жок);
- КСтин интернеттеги веб-сайты (сайттын дарегине шилтеме);
- расмий жарыяланган байланыш: жумушчу телефон номерлери (анын ичинде шаар/калктуу пункттун коду), уюлдук телефон номери (анын ичинде оператор коду), факс, электрондук почта;
- КС персоналы (кызматкерлердин жалпы саны) штаттык бирдиктерди жана мөөнөттүү эмгек келишими боюнча кызматкерлерди көрсөтүү менен;

49. КСнын филиалдары жөнүндө маалыматта төмөнкү маалыматтар камтылат:

- КС филиалдарынын аталышы;
- КС филиалынын дареги;
- КСнын филиалынын жетекчисинин фамилиясы, аты жана атасынын аты.

50. КСнын ар бир туунду жана аффирленген компаниялары үчүн маалыматта төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

- компаниянын аталышы;
- туунду жана афирленген компаниянын чыккан өлкөсү;
- туунду жана афирленген компаниянын ишинин түрү;
- КС туунду жана аффилирленген компаниялардагы үлүшү (%);
- туунду жана аффилирленген компаниялардагы башка уюштуруучулардын/акционерлердин үлүшү жана аталышы;
- туунду жана аффилирленген компанияларга карата стратегиялык пландар.

51. Ар бир иштеп жаткан КС комитети боюнча төмөнкү маалыматтар камтылууга тийиш:

- комитеттин аталышы;

- комитеттин мүчөлөрүнүн курамы (аты-жөнү), комитетте ээлеген кызматы;

- КСда кызмат орду;

- Улуттук банк тарабынан макулдашылган датасы (Көзөмөл боюнча комитеттин чечими, макулдук кат).

Эскертүү: Башка бөлүктөрдө берилген маалымат ушул бөлүктө берилген маалыматтарга шайкеш келиши керек. Отчетко байланышкан бардык башка маселелер боюнча Улуттук банк ушул бөлүктө келтирилген маалыматтарды колдонот.»;

- «Корутунду жоболор» бөлүгү төмөнкү мазмундагы 52-пункт менен толукталсын:

«52. Отчеттун бардык формаларына КС мөөрү басылып, башкарманын төрагасынын жана КС бухгалтеринин кол тамгасы менен ырасталууга тийиш.

Кредиттик союз регулятивдик/финансылык отчетту берүү тартибин жана мөөнөтүн бузган же такталбаган маалымат берген учурда, Улуттук банк колдонуудагы мыйзамдарга ылайык таасир этүү чараларын колдонот.

Кредиттик союздун отчетуна кол койгон башкаруу органынын мүчөлөрү берилген маалыматтын тактыгы үчүн жоопту болуп саналат.

Эскертүү. Улуттук банкка сунушталуучу мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчеттун электрондук версиясында белгилүү бир көз карандылыкты сактоо үчүн «Каталар протоколу» барагы колдонулат. Анда жол берилген каталар отчеттун туура эмес толтурулушун айгинелеп турат. «Каталар протоколунун» барагында жол берилген каталарды камтыган отчеттор Улуттук банк тарабынан кабыл алынбайт.».

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2016-жылдын 9-июнундагы № 24/1 токтому менен бекитилген «Микрофинансылык компаниялардын, микрокредитиик компаниялардын/микрокредиттик агенттиктердин жана кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүү бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Микрофинансылык компаниялардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн:

- «Ажыратылып алынган активдер» деген 11-статьясында ссуда алуучунун кыймылсыз мүлкү жана башка мүлкү (мурдагы күрөө предмети), активди кайтарып берүү үчүн МФК тарабынан кабыл алынган тиешелүү РППУну алып салганда, карыз алуучулардын кыймылсыз мүлкүнө жана башка мүлкүнө бөлүнөт.

- 1-бөлүктүн «В-2. Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүргүзүлгөн операциялар жөнүндө отчет» деген 4-1-параграфынын аталышында «жүргүзүлгөн» деген сөз «жүзөгө ашырылган» дегенге алмаштырылсын;

1-бөлүктүн «В-2. Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүргүзүлгөн операциялар жөнүндө отчет» деген 4-1-параграфынын Милдеттенмелер Б тобунда:

- биринчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери» деген 13-статьяда юридикалык жактардын МФКдагы мөөнөттүү депозиттеринин жалпы суммасы чектелген жана чектелбеген мударабага бөлүштүрүү менен көрсөтүлөт. Статьяда «Финансылык абал жөнүндө регулятивдик отчет» деген бөлүктүн «Юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери» деген 15-статьясынан өзүнчө бөлүп көрсөтүлгөн ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча маалыматтар чагылдырылат.»;

экинчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Жеке адамдардын мөөнөттүү депозиттери» деген 14-статьяда жеке адамдардын МФКдагы мөөнөттүү депозиттеринин жалпы суммасы чектелген жана чектелбеген мударабага бөлүштүрүү менен көрсөтүлөт. Статьяда «Финансылык абал жөнүндө

регулятивдик отчет» деген бөлүктүн «Жеке адамдардын мөөнөттүү депозиттери» деген 16-статьясынан өзүнчө бөлүп көрсөтүлгөн ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча маалыматтар чагылдырылат.»;

- 2-бөлүктүн «Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча жүргүзүлгөн операциялар боюнча» деп аталган 11-1 Е параграфынын аталышында «жүргүзүлгөн» деген сөз «жүзөгө ашырылган» дегенге алмаштырылсын;

2-бөлүктүн «Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча жүргүзүлгөн операциялар боюнча пайда жана чыгым жөнүндө отчет» деген 11-1 Е параграфынын «Операциялар боюнча алынган кирешелер» деген А. бөлүкчөсүндө:

- биринчи абзацта «эсептерде жайгаштырылган акча каражаттары» деген сөздөр «депозиттери» дегенге алмаштырылсын;

- сегизинчи абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Тартылган инвестициялардан түшкөн киреше» деген 5-статьяда тартылган инвестициялардан МФКнын кирешелери көрсөтүлөт.»;

- тогузунчу абзацта «Башка кирешелер» деген 5-статьяда» деген сөздөр «Операциялардан алынган башка кирешелер» деген 6-статьяда» дегенге алмаштырылсын;

- онунчу абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бардыгы болуп» деген 7-статьяда 1ден 6га чейинки статьялардын суммасы көрсөтүлөт. Статьяда «Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет» деген бөлүктүн «Бардыгы болуп: Пайыздардан алынган киреше» деген 6-статьясынан өзүнчө бөлүп көрсөтүлгөн ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча маалыматтар чагылдырылат.»;

2-бөлүктүн «Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча жүргүзүлгөн операциялар боюнча пайда жана чыгым жөнүндө отчет» деген 11-1 Е параграфынын Б. бөлүкчөсүндө:

- биринчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери боюнча чыгашалар» деген 8-статьяда МФКнын юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери боюнча чыгашалары көрсөтүлөт. Статьяда «Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет» бөлүгүнүн « Юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери боюнча пайыздык чыгаша» деген 7-статьясынан өзүнчө бөлүп көрсөтүлгөн ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча маалыматтар чагылдырылат.»;

- экинчи абзацта «8-статьяда» деген сан жана сөздөр «9-статьяда» дегенге алмаштырылсын;

- үчүнчү абзацта «9- статьяда» дегенсан жана сөздөр «10-статьяда» дегенге алмаштырылсын;

- төртүнчү абзацта «10-статьяда» деген сөздөр «11-статьяда» дегенге алмаштырылсын;

- бешинчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Эл аралык финансылык институттардан (башка каржылоо булактары) алынган, каржылоо боюнча чыгашалар» деген 12-статьяда эл аралык финансылык институттардан алынган каржылоо боюнча чыгашалар көрсөтүлөт. Статьяда «Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет» бөлүгүнүн «Эл аралык уюмдардан МФК тарабынан алынган каражаттар боюнча пайыздык чыгаша (башка каржылоо булактары)» деген 11-3-статьясынан өзүнчө бөлүп көрсөтүлгөн, ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча маалыматтар чагылдырылат.»;

- алтынчы абзацта «12-статьяда» деген сан жана сөздөр «13-статьяда» дегенге алмаштырылсын;

- сегизинчи абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Статьяда «Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет» бөлүгүнүн «МФК тарабынан уюштуруучулардан (акционерлерден) - жеке жактардан алынган акча каражаттары боюнча пайыздык чыгаша» деген 11-1-статьясынан өзүнчө бөлүп көрсөтүлгөн, ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча маалыматтар чагылдырылат.»;

- тогузунчу абзацта «11-3» деген сан «11-2» дегенге алмаштырылсын;

- онунчу абзацта «13» деген сан «14» дегенге алмаштырылсын;

- он биринчи абзацтын биринчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бардыгы болуп» деген 15-статьяда 8 ден 14тү кошо алгандагы статьялардын суммасы көрсөтүлөт.»;

- он экинчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Операциялардан түшкөн таза киреше» деген 16-статьяда МФКнын отчеттук мезгил ичинде алган таза кирешеси (7 жана 15-статьялардын айырмасы) көрсөтүлөт. Статьяда «Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет» бөлүгүнүн «Бардыгы болуп пайыздардан таза киреше» деген 14-статьясынан өзүнчө бөлүп көрсөтүлгөн ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча маалыматтар чагылдырылат.»;

- он үчүнчү абзацта «16» деген сан «17» дегенге жана «13-статьясынан» деген сөздөр «15-статьясынан» дегенге алмаштырылсын;

- он төртүнчү абзацта «17» деген сан «18» дегенге жана «15 жана 16 статьялардын» деген сан жана сөздөр «16 жана 17 статьялардын» дегенге алмаштырылсын;

«Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет» 2-бөлүгүнүн 11-1-параграфынын «Операциялар боюнча жана башка кирешелер» В. бөлүкчөсүндө:

- биринчи абзацта «18» деген сан «19» дегенге алмаштырылсын;

- экинчи абзацта «19» деген сан «20» дегенге алмаштырылсын;

- үчүнчү абзацта «20-статьяда» деген сан жана сөз «21-статьяда» дегенге алмаштырылсын;

- төртүнчү абзацта «21-статьяда» деген сан жана сөз «22-статьяда» дегенге жана «18-20-статьялардын» деген сандар жана сөз «19-21-статьялардын» дегенге алмаштырылсын;

- «Г. Операциялар боюнча чыгашалар, операциялык чыгашалар» бөлүкчөсүнүн аталышы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Г. Операциялык чыгашалар жана кайрымдуулук чыгашалары»;

- биринчи абзацта «22-статьяда» деген сан жана сөз «23-статьяда» дегенге алмаштырылсын;

- экинчи абзацта «23-статьяда» деген сан жана сөз «24-статьяда» дегенге алмаштырылсын;

- үчүнчү абзацта «24» деген сан «25» дегенге алмаштырылсын;

- төртүнчү абзацтын биринчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

«Такафул» деген 26-статьяда камсыздандырууга (такафул) байланыштуу чыгашалар көрсөтүлөт.»;

- бешинчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Салыктар» деген 27-статьяда менчикке салыкты жана пайдага салыкты кошпогондо, салык төлөөгө байланыштуу чыгашалар көрсөтүлөт. Статьяда «Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет» бөлүгүнүн «Салыктар жана камсыздандыруу» деген 29-статьясынан өзүнчө бөлүп көрсөтүлгөн, ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча маалыматтар чагылдырылат.»

- алтынчы абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бардыгы болуп» деген 28-статьяда 23, 24, 25, 26 жана 27-статьялардын суммасы көрсөтүлөт.»;

- жетинчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«РППУга чыгашалар (каржылоо операцияларынан эмес)» деген 29-статьяда каржылоо операцияларынан айырмаланган операциялар боюнча атайын жана жалпы РППУга чыгашалардын суммасы көрсөтүлөт. Статьяда «Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет» бөлүгүнүн «Башка мүмкүн болуучу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камдар (кредиттик операциялардан эмес)» деген 34-статьясынан өзүнчө бөлүп көрсөтүлгөн, ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча маалыматтар чагылдырылат.»;

- сегизинчи абзацта «29» деген сан «30» дегенге алмаштырылсын;
- тогузунчу абзацта «30» деген сан «31» дегенге алмаштырылсын;
- онунчу абзацта «31» деген сан «32» дегенге алмаштырылсын;
- он биринчи абзацтын биринчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

«Таза пайда (чыгым)» деген 33-статьяда МФКнын таза пайдасы (31 жана 32-статьяларды алып салуу менен 30-статьянын мааниси көрсөтүлөт).»;

4-бөлүктүн 15-1 параграфынын «Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча берилген, мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер жөнүндө маалымат» деп аталган 4.А-1-бөлүкчөсү төмөнкү редакцияда берилсин:

«§ 15-1. 4.А-1-бөлүкчө. «Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча берилген, өзүндө кредиттик тобокелдикти камтыган, мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер жөнүндө маалымат»»;

- 4-бөлүктүн 15-1-параграфынын биринчи абзацында «Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча берилген мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер жөнүндө маалымат» деген сөздөр «Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча берилген, өзүндө кредиттик тобокелдикти камтыган, мөөнөтүндө төлөнбөгөн активдер жөнүндө маалымат» дегенге алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Микрокредиттик компаниянын жана микрокредиттик агенттиктин мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн:

1-бөлүктүн 5-1-параграфынын «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүргүзүлгөн операциялар тууралуу отчет» бөлүкчөсүнүн А. «Активдер» тобунда:

- биринчи абзацтын биринчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

«Башка банктардагы жана финансы-кредит уюмдарындагы депозиттер, анын ичинде:» деп аталган 1-статьяда башка банктардагы жана ФКУдагы эсептердеги, анын ичинде чет өлкө валютасындагы акча каражаттарынын суммасы көрсөтүлөт.»

- жетинчи абзацта «Финансы-кредит уюмдарга» деген сөздөр «ФКУга» деген аббревиатурага алмаштырылсын;

- онунчу абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«в1) кемүүчү мушарака келишими боюнча;»;

- он үчүнчү абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«ж) кард келишими боюнча.»;

- он тогузунчу абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«в1) кемүүчү мушарака келишими боюнча;»;

жыйырма экинчи абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«ж) кард келишими боюнча;

з) истиснаа келишими боюнча.»;

1-бөлүктүн 5-1-параграфынын «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүргүзүлгөн операциялар тууралуу отчет» деген бөлүкчөсүнүн Б. «Милдеттенмелер» тобунда:

- төртүнчү абзацта «финансы-кредиттик уюмдардан» деген сөздөр «ФКУдан» деген аббревиатурага алмаштырылсын;

- онунчу абзацта «Жана башка милдеттенмелер» деген сөздөр «Башка» дегенге алмаштырылсын;

2-бөлүктүн «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүргүзүлгөн операциялар боюнча алынган кирешелер» деген 9-1- параграфында:

- биринчи абзацта «жүргүзүлгөн» деген сөз «жүзөгө ашырылган» дегенге алмаштырылсын;

2-бөлүктүн «Операциялар боюнча алынган кирешелер» 9-1-параграфынын «Операциялар боюнча алынган кирешелер» А. тобунда:

- биринчи абзацта «Коммерциялык банктардын эсептеринде жайгаштырылган акча каражаттары боюнча кирешелер» деген сөздөр «Коммерциялык банктардагы депозиттерден түшкөн киреше» дегенге алмаштырылсын;

үчүнчү абзацтан кийин төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Тартылган инвестициялар боюнча кирешелер» 4-статьясында МКК жана МКАнын тартылган инвестициялар боюнча кирешеси көрсөтүлөт. Статьяда «Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет» бөлүгүнүн «Жана башка пайыздык кирешелер» 2-статьясынан өзүнчө бөлүп көрсөтүлгөн, ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча маалыматтар чагылдырылат.»;

- төртүнчү абзацта «4» деген сан «5» дегенге алмаштырылсын;

- бешинчи абзацта:

- «5» деген сан «6» дегенге алмаштырылсын;

- «1, 2, 3 жана 4-статьялардын» деген сандар жана сөздөр «1, 2, 3, 4 жана 5-статьялардын» дегенге алмаштырылсын;

2-бөлүктүн «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүргүзүлгөн операциялар боюнча алынган кирешелер» деген 9-1- параграфынын «Операциялар боюнча келип чыккан чыгашалар» Б. тобунда:

- биринчи абзацта «6-статьяда» деген сан дана сөз «7-статьяда» дегенге алмаштырылсын;

- экинчи абзацта:

- «7-статьясында» деген сөз менен сан «8-статьясында» дегенге алмаштырылсын;

- «5 жана 6-статьялардын» деген сөз менен сандар «6 жана 7-статьялардын» дегенге алмаштырылсын;

- үчүнчү абзацта «8-статьяда» деген сөз менен сан «9-статьяда» дегенге алмаштырылсын;

- төртүнчү абзацта:

- «9-статьяда» деген сөз менен сан «10-статьяда» дегенге алмаштырылсын;

- «7 жана 8-статьялардын» деген сөз менен сандар «8 жана 9 статьялардын» дегенге алмаштырылсын;

2-бөлүктүн «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүргүзүлгөн операциялар боюнча алынган кирешелер» 9-1-параграфынын «Жана башка операциялар боюнча кирешелер» В. тобунда:

- биринчи абзацта «10-статьяда» деген сөз менен сан «11-статьяда» дегенге алмаштырылсын;

- экинчи абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Курстук айырмадан кирешелер» деген 12-статьяда МКК жана МКАнын чет өлкө валютасындагы ишинин натыйжасында валюталар курсунун өзгөргөндүгүнө байланыштуу алынган киреше көрсөтүлөт. Статьяда «Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет» бөлүгүнүн «Курстук айырмадан кирешелер» 10-1-статьясынан өзүнчө бөлүп көрсөтүлгөн, ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча маалыматтар чагылдырылат.»;

- үчүнчү абзацта «12» деген сан «13» дегенге алмаштырылсын;

- төртүнчү абзацтын биринчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бардыгы болуп» деген 14-статьяда 11 жана 13-статьялардын суммасы көрсөтүлөт.»;

- «Операциялар боюнча башка чыгашалар, операциялык чыгашалар» Г тобунун аталышы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Г тобу. Операциялык жана кайрымдуулук чыгашалары»;

«Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет» деп аталган 2-бөлүктүн «Операциялар боюнча башка чыгашалар, операциялык чыгашалар» деген 9-1-параграфынын «Операциялар боюнча башка чыгашалар, операциялык чыгашалар» Г тобунда:

- биринчи абзацта «14» деген сан «15» дегенге алмаштырылсын;

- экинчи абзацта «15» деген сан «16» дегенге алмаштырылсын;

- үчүнчү абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Такафул» деген 17-статьяда камсыздандырууга байланыштуу (такафул) чыгашалар берилет. Статьяда «Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет» бөлүгүнүн «Салыктар жана камсыздандыруу» 17-статьясынан өзүнчө бөлүп көрсөтүлгөн, ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча маалыматтар чагылдырылат.»;

- төртүнчү абзац төмөнкү редакцияда берилсин:

«Салыктар» деген 18-статьяда менчикке салыкты жана пайдага салыкты кошпогондо, салыктарды төлөөгө байланыштуу чыгашалар көрсөтүлөт. Статьяда «Чогуу алгандагы киреше жөнүндө отчет» бөлүгүнүн «Салыктар жана камсыздандыруу» 17-статьясынан өзүнчө бөлүп көрсөтүлгөн, ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча маалыматтар чагылдырылат.»;

- бешинчи абзацтын биринчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

«Бардыгы болуп» деген 19-статьяда 15, 16, 17 жана 18-статьялардын суммасы көрсөтүлөт.»;

- алтынчы абзацта «19-статьяда» деген сөз менен сан «20-статьяда» дегенге алмаштырылсын;

- жетинчи абзацтын биринчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

«Салыктарды төлөөгө чейинки пайда (чыгым)» деген 21-статьяда МКК жана МКАнын тапкан пайдасы (чыгымы) көрсөтүлөт (7, 9, 19 жана 20-статьяларды минуска чыгаруу менен, 6 жана 14-статьялардын суммасы).»;

- сегизинчи абзацта «21-статьяда» деген сөз менен сан «22-статьяда» дегенге алмаштырылсын;

- тогузунчу абзацта «22» деген сан «23» дегенге алмаштырылсын;

- онунчу абзацтын биринчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

«Таза пайда (чыгым)» деген 24-статьяда МКК жна МКАнын таза пайдасы (чыгымы) көрсөтүлөт (22 жана 23-статьяларды минуска чыгаруу менен 21-статья).

3-бөлүктүн 10-параграфынын «Активдерди тобокелдик деңгээли боюнча классификациялоо» деген А таблицасынын сегизинчи, тогузунчу, онунчу абзацтары төмөнкү редакцияда берилсин:

«6, 7.1, 7.2, 8.1, 8.2, 9, 10-тилкелерде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык, «стандарттуудан» «жоготууларга» чейин классификацияланган активдердин негизги суммасы боюнча карыз калдыктары көрсөтүлөт.

«Бардыгы болуп чегербөө статусунда турган кредиттер» деген 11-тилкеде МКК/МКАнын ички саясатына жана Улуттук банктын талаптарына ылайык, алар боюнча пайыздарды чегерүү токтотулган кредиттердин суммасы чагылдырылат.

**12 жана 13-тилкелерде** РППУ суммасы көрсөтүлөт, алар Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык, камдардын түрү (жалпы жана атайын) боюнча бөлүштүрүлөт.»;

3-бөлүктүн 10-1 параграфынын «Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча активдерди тобокелдик деңгээли боюнча классификациялоо» деген А-1 бөлүкчөсүнүн экинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«6, 7.1, 7.2, 8.1, 8.2, 9, 10-тилкелерде Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 28-декабрындагы № 2020-П-33/75-4-(НФКУ) токтому менен бекитилген «Банк эмес финансы-кредит уюмдары тарабынан активдерди классификациялоо, потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга кам түзүү жөнүндө» жобого ылайык «нормалдуудан» «жоготууга» чейин классификациялануучу активдердин негизги суммасы боюнча карыздын калдыгы көрсөтүлөт.»;

19-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:

«19. Таблицада тармактар жана региондор боюнча берилген кредиттерге тиешелүү маалымат камтылат:

Мында төмөнкүлөр чагылдырылат:

**<u>2-тилкеде</u>** жеке адамдар жана юридикалык жактарга бөлүштүрүү менен МКК/МКА тарабынан кредит берилүүчү экономика тармактарынын тизмеги көрсөтүлөт.

**<u>3-тилкеде</u>** отчеттук чейректин башталышына карата кредиттердин калдык суммасы көрсөтүлөт, IV чейректе – жылдын башына.

**<u>4-тилкеде</u>** отчеттук чейрек ичинде берилген кредиттердин суммасы чагылдырылат, IV чейректе – жалпысынан жыл үчүн.

**<u>5-тилкеде</u>** отчеттук чейрек ичинде берилген кредиттердин саны чагылдырылат, IV чейректе – жалпысынан жыл үчүн.

**<u>6-тилкеде</u>** отчеттук мезгилдин акырына карата кредиттердин калдык суммасы көрсөтүлөт.

**<u>7-тилкеде</u>** орточо салмактанып алынган пайыздык чен тармактар боюнча бөлүп көрсөтүлөт, ал «Кредит портфели жөнүндө маалымат» деп аталган 3-бөлүктүн «Орточо салмактанып алынган пайыздык чен» деген пунктунда келтирилген мисалга ылайык эсептелет.».